USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

RESEARCH

fhi360

# ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТУН КАЙТАЛАНЫШЫН КАНТИП БӨГӨТТӨӨ КЕРЕК:

## тоскоолдуктарды талдоо жана Кыргыз Республикасында гендердик зомбулукту жоюу стратегиялары

Алдын алуу аракеттеринин жана Кыргыз Республикасында гендердик зомбулукка кабылгандар пайдалана ала турган кызматтардын сапатын изилдөө



Бишкек
2023

## Кыскартуулар:

| | |
|---|---|
| АС | — аксакалдар соту |
| ГЗ | — гендердик зомбулук |
| ЖКУ | — жарандык коом уюмдары |
| ЖМК | — жалпыга маалымдоо каражаттары |
| КБ | — кризистик борбор |
| МСБ | — мамлекеттик социалдык буюртма |
| СГЗ | — сексуалдык жана гендердик зомбулук |
| СЗ | — сексуалдык зомбулук |
| СОЖ | — стандарттык операциялык жол-жоболор |
| СГЗ | — сексуалдык жана гендердик зомбулук |
| ҮЗ | — үй-бүлөлүк зомбулук |
| ҮЗСКЖК | — үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет |

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК СТАТИСТИКАСЫ

## ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК КЫЛМЫШ ИШТЕРИ (2020)

Жалпы **1863** зордук-зомбулук учуру катталган (2020)

**1667** иш сотко жеткен эмес

**10.5%ы ГАНА**

**196** иш сотко жеткен

**112** айып жокко чыгарылган

## ГЗга БАЙЛАНЫШТУУ КЫЛМЫШТАР ҮЧҮН ЖАЗАЛООНУН ТҮРЛӨРҮ (2020)

2020-ЖЫЛЫ **ГЗга БАЙЛАНЫШТУУ КЫЛМЫШТАР БОЮНЧА 84 АДАМ СОТТОЛГОН**

- **58 адам** түрмөдө камакка алынган
- **1 адам** өмүр бою эркинен ажыратылган
- **2 адам** компенсация/айып төлөгөн
- **21 адам** шарттуу түрдө бошотулган
- **2 адам** коомдук иштерге жиберилген

## ГЗга БАЙЛАНЫШТУУ СОТТУК ИШТЕРДИН АНАЛИЗИ (2020)




Иштердин 14%ы сотко өткөн

Иштердин 86%ы тараптардын жарашуусунан улам токтотулган

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан берилген маалымат

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК СТАТИСТИКАСЫ

## 2022-ЖЫЛЫ ЖАРДАМ СУРАП КАЙРЫЛГАНДАРДЫН САНЫ

КРИЗИСТИК БОРБОРЛОРГО ЖАНА АКСАКАЛДАР СОТУНА КАЙРЫЛГАН

**9959**

АДАМДЫН ИЧИНЕН

Эркектер 828

Аялдар 9131

**809** адам

**541** аксакалдар сотторуна кайрылган

**9053** адам

**19** кризистик борборлорго кайрылган

**80** адам кайрымдуулук жана коомдук фонддорго кайрылган

**17** адам башка мекемелерге кайрылган

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети тарабынан берилген маалымат

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК СТАТИСТИКАСЫ

## 2022-ЖЫЛЫ ЖАРДАМ СУРАП КАЙРЫЛГАНДАРДЫН САНЫ

**541** аксакалдар сотторуна кайрылган

**809** адамдын ичинен




**19** кризистик борборлорго кайрылган

**9053** адамдын ичинен




Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети тарабынан берилген маалымат

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК СТАТИСТИКАСЫ

## 2022-ЖЫЛЫ ЖАРДАМ СУРАП КАЙРЫЛГАНДАРДЫН САНЫ

кайрымдуулук жана коомдук фонддорго кайрылган

**80** адамдын ичинен




башка мекемелерге кайрылган

**17** адамдын ичинен




Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети тарабынан берилген маалымат

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК СТАТИСТИКАСЫ

## ЖМКда ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК (2018-2022)

### КООМДУК РЕАКЦИЯ







### ВИКТИМБЛЕЙМИНГ




Гендердик зомбулукту массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу боюнча маалыматтар (2018–2022) бул изилдөөнүн алкагында жүргүзүлгөн беш негизги маалымат каражаттарынын дискурстук анализинен алынган.

# КЫСКАЧА БАЯНДАМА

Кыргыз Республикасында гендердик зомбулуктун (мындан ары – ГЗ) алдын алуу иш-чаралары жана андай күнгө кабылгандар пайдалана ала турган кызматтардын сапатын изилдөө өлкөдөгү гендердик зомбулукка байланыштуу кызматтарды толук талдоо жана баалоо болуп саналат. Бул изилдөө АКШ Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (USAID) «Жигердүү жарандар» долбоорунун колдоосунда жана PIL Research Company изилдөө компаниясынын жетекчилиги менен жүргүзүлгөн.

Аталган отчетто ГЗнын алдын алуу, ГЗга каршы чара көрүү, сот адилеттигине жетишүү, зомбулукка кабылган жана андай жосунга баргандарды реабилитациялоо чараларын жакшыртуу боюнча негизги тыянак жана сунуштар камтылган.

Өзгөртүүлөр күтүлгөн натыйжаны жаратышы үчүн далилдер менен негизделиши абзел.

Изилденген маалыматтарга таянып, бул изилдөө ГЗдан жабыр тарткандарга көрсөтүлө турган кызматтардын бүтүндөй ыраатын жакшыртуу боюнча өкмөт, жарандык коом жана донордук коомчулуктун биргелешкен аракеттерин күчөтүү максатындагы конкреттүү чараларды сунуштап, назарга коет. Изилдөөдө ГЗ боюнча мыйзам базасынын күчтүү жана чабал тараптары, сот тутумунун ченемдик-укуктук талаптарга шайкештиги, ГЗ кабылгандарга кызмат көрсөтүүдөгү алешемдиктер, социалдык-маданий жана структуралык тоскоолдуктар, алдын алуу чараларынын майнаптуулугу, ошондой эле ГЗ жоюуга өбөлгө болуучу социалдык ченемдер жана жалпыга маалымдоо каражаттарында (ЖМК) чагылдырылышы каралат.

Изилдөөнүн аралаш стратегиясын колдонуу менен ГЗ көйгөйүн чечүүгө алектенген маанилүү институттардан баштапкы сандык жана сапаттык маалыматтар топтолуп, ошондой эле ГЗ кабылгандар менен маек курулду. Изилдөөчүлөр мыйзам базасы жана укук коргоо (соттук) практикалар менен тереңден таанышуу менен кийинки маалыматтарды, ошондой эле акыркы беш жылда ГЗ көйгөйлөрүнүн жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылышы талданды.

Изилдөөнүн корутундулары мыйзам базасындагы боштуктар мыйзамды ар кандай чечмелөөгө жана мыйзамдардын карама-каршылыгына алып келерин көрсөтүүдө. ГЗдан жабыр тарткандарга жардамдашууда башынан аягына дейре стандарттык операциялык процедуралардын жоктугу, зыяндуу социалдык ченемдер, жетишсиз каржылоо, мониторинг жана баалоонун начардыгы, анан да маалыматтык-агартуучулук иштеринин деңгээлинин төмөндүгү да кызматтарды майнаптуу көрсөтүүгө кошумча бөгөт болуп саналат.

2021-2022-жылдар аралыгында каралган гендердик кылмыштар боюнча укук коргоо, сот тажрыйбасын талдап чыгуу пробация жана тараптарды жараштыруу жөнүндөгү укуктук жоболор сот адилеттигинен тайып, натыйжада ГЗдан жапа чеккендерди өздөрүнө кооптуу чөйрөгө кайтууга аргасыз кылганын көрсөттү.

Алынган жыйынтыктардын негизинде PIL Research Company изилдөө компаниясы үзгүлтүксүз көмөктүн ар бир баскычы үчүн сунуштардын комплекстүү жыйнагын назарга коет. Бул өкмөт, жарандык коом, донордук уюмдар үчүн Кыргыз Республикасында ГЗга каршы күрөштө кыйла шайкеш иш алпарууну камсыздай турган жол көрсөткүч катары кызмат кыла алат.



## Мыйзамдык жана ченемдик базаны чыңдоо

Мыйзамды жакшыртуу боюнча негизги сунуштар ГЗдан жапа чеккендерди, анын ичинде балдарды коргоодо азыркы укуктук базадагы зыяндуу элементтерди түп-тамырынан жок кылуу жана бир топ натыйжалуу коргоону камсыздай турган жоболорду иштеп чыгууга багытталган.

Артыкчылыктуу багыттарга булар кирет:

- олуттуу залал келтирилип же травмага кабылткан учурларда тараптардын жарашуу мүмкүнчүлүгүн алып салуу;
- Эки тараптуу макулдук менен жыныстык катнашка барууга уруксат берген эң төмөнкү жаш курагын белгилөө;
- ГЗдан сактоонун натыйжалуулугу үчүн коргоо ордерлеринин шарттарынын аткарылышына көз салуу механизмдерин жакшыртуу жолу менен жабыр тарткандарды коргоо жана коопсуздукту камсыздоо чараларын күчөтүү.

Ушул тапта ченемдик актылар ГЗнын алдын алууга жоопкерчилик ар кандай кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ортосуна чек коет. Бирдиктүү ченемдик аныктамалар бул так эместикти жоюп, кыйла жөнгө салынган алдын алуу аракетине өбөлгө болот.

## Кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтыруу жана жакшыртуу

ГЗ өз ара макулдашылган чара көрүү үчүн операциялык жол-жоболор боюнча эл аралык талаптарга жооп берген кызмат көрсөтүү жана кайра багыттоо механизмдерин стандартташтыруу, шайкеш келтирүү боюнча сунуштар берилген.

ГЗдан запкы жегендер үчүн кызмат көрсөтүү боюнча улуттук жаңы минималдык стандарт алардын кызыкчылыгына төп келген ыкма, анын ичинде «зыян келтирбе» жана кемсинтпөө принциптеринин негизиндеги жардамды камсыздоого тийиш. Жабыр тарткандардын ар кыл тобунун керектөөлөрүнө жараша инклюзивдик программаларды иштеп чыгуу майыптыгы бар аялдар жана кыздар, анын ичинде балдар, тушуккан өзгөчө көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк берет.

Аталган изилдөө кызматтардын бардык түрү боюнча каржылоону жогорулатуу жана ачыктыгын арттыруу, мамлекеттик көзөмөл, маалымат топтоо жана отчеттуулукту күчөтүүнүн жаңы механизмдерин түзүүнү сунуштайт. Бул ГЗдан запкы жегендерге көмөк көрсөтүүнүн бардык баскычтарындагы ишмердиктин сапатын стандартташтырууга, болочокто далилдүү маалыматтардын негизинде чечим кабыл алууга жол ачат.

## Зыяндуу социалдык ченемдерди жоюу

Коомдун бүгүнкү күндө аялдар жана кыздар кабылган зордук-зомбулуктун үрөй учурган учурларынан улам ГЗга каршы күрөштө кыйла активдүү аракеттерге өтүүгө умтулушу патриархалдык ченемдерге чакырык таштоо, гендердик теңчиликке жетүүгө көмөктөшүү жана ГЗга таптакыр жол бербөөгө уникалдуу мүмкүнчүлүк түзөт. Жарандык коом жана донордук коомчулуктун колдоосу менен мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлүүчү маалыматтык кампаниялар бул өтүнүчкө жооп болушу мүмкүн.

Бул отчетто берилген ГЗдан жапа чеккендерге үзгүлтүксүз көмөктүн баарын толук жана ийне-жибине чейинки талдоо бардык тиешелүү уюмдарга, кызыкдар тараптарга, саясатчыларга Кыргыз Республикасында гендердик зомбулуктун күч алып бараткан толкунун токтотуу жана андайдан запкы жегендерге көрсөтүлө турган кызматтардын сапатын арттыруу үчүн институционалдык механизмдерди кайра түзүп чыгууга дурус мүмкүнчүлүк берет.

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз Республикасында ГЗ маселелери боюнча укуктук база адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге шайкеш. Ошондуктан ГЗга каршы күрөш боюнча бир катар эл аралык милдеттенмелерди, анын ичинде Аялдар жана кыздарды басмырлоонун бардык түрүн жоюу жөнүндөгү конвенцияны аткарууну өлкө өкмөтү өз мойнуна алган. ГЗнын алдын алуу жана андан коргоо республиканын Конституциясында, кылмыш-жаза мыйзамдарында, гендердик теңчилик, адам укуктары жаатындагы улуттук саясат жана стратегиясында бекитилген.

Мындан тышкары мамлекеттик башкаруу, кызмат көрсөтүү деңгээлинде да, анын ичинде 2015–2017 жана 2018-2020-жылдарга карай Гендердик теңчиликке жетүү боюнча аракеттердин улуттук планында, ушул эле планды 2021–2030-жылдарга карата иштеп чыгууда да бул багыттагы демилгелер көтөрүлгөн. Ошондой эле 2023-2027-жылдарга карата Кылмыштуулуктун алдын алуу аракеттери боюнча улуттук планга ГЗ көйгөйүнө тиешелүү жоболор камтылмакчы.

Акыркы саясий реформалар Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин ГЗга каршы күрөштөгү ыкмаларды жакшыртып, мыйзам жана институционалдык алешемдиктерди жоюп, сот адилеттигин камсыздап жана кылмышка барган адамдарды жоопко тартууга умтулуусун айгинелеп турат.

2022-жылдын октябрында КР Жогорку кеңешинин депутатынын демилгеси менен турмуштук, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан коргоо жаатындагы ар кыл мыйзамдарга («Үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү КР айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору, мындан ары – ГЗ боюнча мыйзамдарды реформалоо) толуктоолор топтому даярдалган. 2023-жылдын 15-ноябрында ал парламенттин толук колдоосу менен биринчи окуудан өткөн.

Ушул оңдуу жетишкендиктерге карабастан, гендердик өңүттөгү катталган кылмыштардын саны өсүп, ал эми запкы жегендер реабилитациянын бардык баскычтарындагы кызматтардан пайдаланууда, адилеттикке жетүүдө бир топ тоскоолдуктарга кабылып келет.

Бул өзгөрүүлөр келечекте да натыйжа алып келиши үчүн алар далил базасына негизделиши шарт, бирок Кыргыз Республикасында алигүнчө ГЗ көйгөйүнүн уланышына түрткөн социалдык, маданий, экономикалык жана укуктук тутумдар толук жана сынчыл нукта изилденген эмес. Коомчулуктун назарына коюлуп жаткан изилдөө дал ошол боштукту толуктап, ГЗдан жабыр тарткандарга үзгүлтүксүз көмөк көрсөтүүнүн бардык баскычтарын жакшыртуу боюнча өкмөт, жарандык коом жана донордук коомчулуктун мындан ары биргеликте иш алып баруусу боюнча негизги сунуштарды берет.

# МЕТОДОЛОГИЯ

ГЗ жайылышы аны кадыресе көрүнүш катары кабылдоо жана/же актоого шарт түзгөн социалдык ченемдердин өз ара таасиринин экосистемалык үлгүсү, инсандык, жамааттык деңгээлдеги өз ара алакалар же адамдын гендердик зомбулуктун курмандыгы, балким андай жосунга барган тарап болуп калуу тобокелдигин арттырган факторлордун алкагында каралат.

## Теориялык негиздер

Изилдөөнүн өзөгүндө гендердик зомбулук феноменин жана ага каршы күрөш тажрыйбасын аныктаган үч методологиялык ыкма (1-сүрөткө көз жүгүртүңүз) жатат:

1

*Й. Галтунгдун* зомбулук теориясы (1969) зордук-зомбулуктун себептерин жана андай жосундардын келип чыгуу механизмдерин түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ал түз жана кыйыр зомбулуктун айырмасына негизделген. Түз түрүн биз көрүп, туя билсек, кыйыр зомбулук структуралык жана маданий факторлорду камтыйт.

Структуралык факторлорго базар, социалдык алакалар, диний институттар жана куралдуу күчтөр өңдүү экономикалык институттарда зордук-зомбулукту өбөлгөлөй турган мыйзам жана институттар кирет. Структуралык зомбулук айрым топтордун же кишилердин укук жана мүмкүнчүлүктөрү тепселген социалдык түзүм же социалдык институттардагы кырдаалды мүнөздөйт.

Галтунг бир күйөө аялына кол көтөрсө – бул жеке зомбулук, бирок миллион жолдош миллион жубайын уруп-сабаса – бул түрү структуралык болуп караларын белгилейт. Маданий факторлор зордук-зомбулукту мыйзамдаштыруу үчүн колдонулган үстөмдүк көз караштар жана ишенимдерге байланышкан. Галтунгдун зомбулук теориясына ылайык, зордук-зомбулуктун структуралык жана маданий себептери бири-бирин коштоп, бекемдөө менен түз түрүнүн күчөшүн шарттайт.

**2** *Социалдык-экологиялык модель* (Дальберг жана Круг, 2002) ГЗ келип чыгышына түрткү болгон факторлордун татаалдыгын, зомбулуктун алдын алууга кызыкдар тараптардын, атап айтканда, коом, жамаат, инсан аралык мамиле жана айрым адамдардын ортосундагы чыңалган алаканы аңдоого жардам берет.

**3** *Үзгүлтүксүз көмөк концепциясы.* ГЗга каршы күрөш узак мөөнөттүү процесс жана зомбулуктан запкы жегендерди баары айкалышкан жана тынымсыз колдоону талап кыларын моюндайт.
Бул юридикалык жана медициналык жардамды, психологиялык колдоону, баш калкалар жерге жайгашып, сот адилеттигине жетип, саламаттыгына келтирилген залалдан арылып жана жай турмушка кайтууга тийиштүү кызматтарды камтышы ыктымал.
Жардамдашуунун ар бир баскычында тиешелүү мекемелер кызматтарды көрсөтүп, үзгүлтүксүз көмөк keминде эле төрт — алдын алуудан тарта сот адилеттигин ишке ашыруу, жабыр тарткандардын калыбына келишине чейинки этаптарды (1-табл.караңыз) камтыйт.

*1-сүрөт: Синтезди изилдөөнүн концептуалдык негизи*




Үзгүлтүксүз көмөк өңдүү гендердик зомбулукка каршы күрөштүн улуттук тутумун талдап чыгуу үчүн изилдөөчү топ ГЗ коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты жүзөгө ашырган негизги механизм жана институттарды бөлүп көрсөтөт.

Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөштө аткарган милдеттерине жараша төрт шарттуу топко топтоштурулган 12 негизги институционалдык механизм белгиленген: алдын алуу (1) механизмдери, (2) чара көрүү, (3) сот адилеттигин ишке ашыруу жана (4) реабилитация.

*1-таблица. Кыргыз Республикасында гендердик зомбулукка чара көрүүдөгү үзгүлтүксүз көмөк жана тий-иштүү институционалдык түзүмдөр жана механизмдер*

| Үзгүлтүксүз көмөк | Институционалдык механизмдер |
| --- | --- |
| **ГЗнын алдын алуу** | 1. Аксакалдар соту<br>2. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер<br>3. Мамлекеттик социалдык буюртма институту<br>4. Гендердик зомбулуктун алдын алуу боюнча маалыматтык-тарбиялык борборлор* |
| **ГЗ чара көрүү** | 5. Коргоо ордерлери<br>6. Кризистик борборлору жана баш калкалоо жайлары<br>7. Акысыз юридикалык жардам<br>8. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам<br>9. Кайра багыттоо механизми жана мекемелер аралык бири-бирине шайкеш иш алып баруу |
| **Сот адилеттигине жетүү** | 10. Сот иштерин кайра кароо жол-жоболору, ГЗдан жапа чеккендерди жана күбөлөрдү коргоо механизмдери<br>11. Пробация институту |
| **Мыйзам бузуучуларды реабилитациялоо** | 12. Оңдоп-түзөөчү программалар |

** Кыргыз Республикасында мындай борборлор жок, алардын функцияларын жарым-жартылай башка уюмдар аткарып толуктап турат.*

Үзгүлтүксүз көмөктүн модели кызмат көрсөтүү механизмдерин тыкыр талдоо үчүн изилдөөнүн көлөмүн жана катышуучуларды тандоону аныктайт. Ал изилдөөнүн төмөндө тизмектелген негизги алты маселесинде камтылган көйгөйлөрүн кыйла терең изилдөөгө өзөк болуп берет:

1. **ГЗнын алдын алуу, коргоо жана маселени сот аркылуу чечүүдөгү стандарттык эл аралык протокол, саясатка салыштырмалуу ченемдик базанын күчтүү тараптары жана кемчиликтери кайсылар?**
2. **Сот тутуму жана азыркы юридикалык практика мыйзам жана ченемдик жоболорго шайкешпи?**
3. **ГЗга каршы күрөшүү үчүн кызмат көрсөтүүдө а) сунуш, талап жана стратегиялык бөлүштүрүүгө; б) улуттук жана эл аралык стандарттар менен кызыкдар тараптардын күткөнүн салыштырууда сапатка тиешелүү кандай алешемдиктер бар? Кыргызстанда кандай эл аралык стандарттар киргизилген, эгер алар иш жүзүндө аткарылбай жатса, мунун себеби эмнеде? ГЗдан жапа чеккендердин керектөөлөрүнө медициналык, юридикалык жана психосоциалдык кызматтардын сапаты төп келеби?**
4. **ГЗдан жабыр тарткандар көмөк издеп жана жардам алуусунда негизги социалдык-маданий жана башка структуралык кандай тоскоолдук, кызмат көрсөтүүчүлөр кайрылган адамдарды акырына чейин коштоого эмне бөгөт болушу мүмкүн? Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн көз карашында аярлуу топ, анын ичинде азчылыктардын өкүлдөрү жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга бул багытта жардамдашууда так кандай тоскоолдуктар бар?**
5. **Кризистик борборлор ишке ашырып келе жаткан алдын алуу чаралары, жамааттардын (ҮЗСКЖК, АС ж.б.у.с.) деңгээлинде СГЗ жөнүндөгү маалымдуулукту арттыруу механизмдери, запкы жегендер үчүн түзүлгөн ресурстар канчалык майнаптуу? Аярлуу топтордун өзгөчө керектөөлөрү кандай канааттандырылат?**
6. **ЖМКларда ГЗга өбөлгө түзгөн (же каршы күрөшкөн) социалдык ченемдер жана чагылдыруулар кандай? Алар кантип түзүлүп жана коомдук чөйрөлөрдө кандайча жаралат?**

Изилдөөдө маселе менен таанышуу (кабинеттик көз чаптыруу), негизги маалымат ээлери менен 28 улуттук өнөктөш менен аңгемелешүү, кызмат көрсөтүүчүлөрдүн 121 өкүлү жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттердин (ҮЗСКЖК) өкүлдөрү менен структураланган маектешүүнү камтыган кайчылаш аралаш ыкма пайдаланылды. Мыйзамдар ылайыкташтырылган Укуктук баалоо инструментин (LAT- Legal Assessment Tool)[1] пайдалануу менен талданды.

Изилдөө USAIDдин «Жигердүү жарандар» долбоору иш алып барган Бишкек жана Ош шаарларында, ошондой эле жети (Баткен, Чүй, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Ош, Нарын жана Талас) облуста жүргүзүлдү.

*1 БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО) тарабынан иштелип чыккан LAT инструменти бул изилдөө үчүн ылайыкталды. ФАО. (2014). Жерге ээлик кылуу тармагындагы гендердик теңчиликти камсыздоо үчүн Укуктук баалоо инструменти (LAT) аркылуу өзгөртүүлөр киргизилет. ФАОнун расмий сайты – https://www.fao.org/gender-landrights-database/legislation-assessment-tool/en/. БУУнун зомбулукка кабылган аялдар жана кыздарга көмөктөшүүчү негизги кызматтар боюнча Бириккен программасынын жетекчилиги менен шайкештикке талдоонун максаттары үчүн (БУУнун Маңзат жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы. Зомбулукка кириптер болгон аялдар жана кыздар үчүн негизги кызматтар топтому: Сапатты камсыз кылуу боюнча негизги элементтер жана сунуштар. БУУ Маңзат жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгынын расмий сайты: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/ESP-AllInOne-RU-WEB.pdf). Гендердик зомбулуктан коргоо боюнча мамлекеттик негизги чараларынын эл аралык стандарттарга шайкештигинде 8 критерий бөлүп көрсөтүлгөн.*

# 1-БӨЛҮМ:
# ИЗИЛДӨӨ БОЮНЧА НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР

**1. ГЗнын алдын алуу, коргоо жана маселени сот аркылуу чечүүдөгү стандарттык эл аралык протокол, саясатка салыштырмалуу ченемдик базанын күчтүү тараптары жана кемчиликтери кайсылар?**

КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндөгү» мыйзамы 17 мекемеге жарандарды үй-бүлөдө зомбулуктан сактоо боюнча ыйгарым укуктарды берип, мекемелер аралык координация жана өз ара аракет этүүгө талаптарды коет. Анткен менен мыйзамда бул функцияларды аткаруунун так механизмдери каралган эмес.

ГЗнын алдын алуу жана чара көрүү, сот адилеттигин ишке ашыруу жана реабилитациялоо боюнча негизги кызматтарды көрсөтүү үчүн атайын структуралар улуттук деңгээлде түзүлгөн. Бирок бул мыйзамдык базанын аткарылышы, негизинен, муктаждыктарды баалоо, кызмат көрсөтүү жана таасир этүүнү талдоонун тийиштүү стандарттык операциялык жол-жоболорунун, укук коргоо жана сот тажрыйбасынын анализинин жоктугунун айынан чабал.

Бул изилдөөнүн алкагында ГЗ байланыштуу иштер боюнча сот тажрыйбасын талдоо мыйзам базасынын, анын ичинде прогрессивдүү жоболорду ишке ашыруу бөлүгүндөгү алешемдиктерди аныктап чыкты.

Коргоо ордерлери иш жүзүндө зомбулуктан сактоонун майнаптуу механизми катары иштебей, териштирүүлөрдүн 14 пайызы гана сотко өткөрүлөт. Иштердин көпчүлүгү сотко жетпей тараптардын жарашуусу менен жабылат. Анткени, бир жагынан маданий басым бар, экинчиден, чыныгы, жасаган кылмышына жараша жазалоонун жоктугунан улам аялдар зордукчул күйөөлөрүнө кайра кайтуудан башка арга табышпайт.

**2. Сот тутуму жана азыркы юридикалык практика мыйзам жана ченемдик жоболорго шайкешпи?**

Сот практикасында ГЗнын айрым түрлөрүн алып салуу тажрыйбасы кеңири таралган. Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамында никеге турууга мажбурлоодон тарта майда ээнбаштыкка чейинки 15тен ашуун кылмыш курамы белгиленгени менен ГЗ боюнча каралган эмес. Мыйзамдык актылардагы дал келбестиктерге да тастыктоолор бар. Маселен, нике курагын бузуу жөнүндөгү кылмыш иши (башкача айтканда, жашы жете элек адамды никеге турууга мажбурлоо) жеке-коомдук айыптоо иштерине кирип, иликтөө жабырлануучу же анын мыйзамдуу өкүлү арыз тапшыргандан кийин гана башталат. Натыйжада ата-энелер көп учурда бир эле убакта доогерге да, жоопкерге да айланат.

Укуктук баалоо инструментин (LAT) колдонуу менен мыйзамды талдоо бул маселени, мисалы, стандарттык операциялык жол-жоболорду түзүү менен чечүү аракетин аныктады. Бирок алар сейрек сакталары жашыруун эмес.

Жогорку соттун 2021-2022-жылдар аралыгындагы ачык маалыматтар базасынан ГЗ жөнүндөгү капыстан тандалган иштер боюнча укук коргоо жана сот практикасын кабинеттик изилдөө сотко чейин териштирүүлөрдүн жүрүшүндө жабырлануучулар менен күбөлөрдүн укуктары чанда сакталып, аялдар суракка көп алынып, ал тургай сотто көбүнесе зордукчунун көзүнчө көрсөтмө берүүгө мажбур болот.

Кылмыш-жаза мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр үй-бүлөлүк зомбулукка барган кишилерди жоопко тартууну татаалдаштырды. Чоң муштум адамды утурумдук оолактатуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу ГЗ кабылгандарды ого бетер аяр абалга кептейт.

КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндөгү» мыйзамы[2] үй-бүлөлүк зомбулукка кириптер болгондорду мамлекеттик же муниципалдык баш калкалоо жайларына убактылуу жайгаштырууга мүмкүндүк берет. Анткен менен бир эле баш калкалоо жайы болсо, анда орун өтө чектелүү болуп калат. Зордукчулукка баргандар, коргоо ордерлерин (сот тарабынан бир топ узун мөөнөткө узартылган) алгандардын баары түзөтүү программасынан сөзсүз өтүү талабы адатта бул ишти жүргүзгөн уюмдан жолдун узактыгынын айынан аткарылбайт.

**3. ГЗга каршы күрөшүү үчүн кызмат көрсөтүүдө кандай кемчиликтер бар (мисалы, саламаттыкты сактоо, юридикалык, психосоциалдык кызматтар)?**

Бишкекте муниципалдык деңгээлде ГЗдан запкы көргөн аялдар үчүн биринчи мамлекеттик кризистик борбору ачылды. «Аялзат» КБ 60 орундуу, аялдар жана алардын балдарын кабыл алып, жабыр тарткандарга толук көмөк көрсөтөт.

Нарын облусундагы «НурЖолБер» коомдук бирикмеси Жумгал районундагы Чаек айыл аймагында алгачкы айылдык кризистик борборду ачууда жергиликтүү бийликке кол кабыш кылууда. Анда комплекстүү психологиялык, социалдык жана юридикалык кызматтар көрсөтүлүп, утурумдук баш калкалоо үчүн төрт орун каралган. Жарандык коом уюмдарынын жетекчилигинин алдында өлкө боюнча дагы он кризистик борбор иш алып барат.

Жергиликтүү деңгээлде элди да бирге чара көрүүгө тартуу үчүн түзүмдөр, атап айтканда, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо үчүн жергиликтүү комитеттер түзүлгөн. Эгер ГЗдан жабыр тарткандар жардам сурап кайрылышса, алар медициналык мекеме, кризистик борбор же баш калкалоо жайларында акысыз алгачкы медициналык медициналык жардам ала алышат.

Медициналык жардамдан тышкары, бул мекемелер утурумдук баш калкалар жай, азык, эң зарыл тиричилик буюмдары, мисалы, кийим-кече, ошондой эле психологиялык, юридикалык жана медициналык консультация алууга жардам беришет. Бирок ГЗ боюнча адистер (социалдык кызматкер, психолог, юристтер) аз, ал эми каржылоо жетишсиз жана дайым эле табыла бербейт («Жигердүү жарандар» жүргүзгөн байкоого караганда мамлекеттик каржылоо кризистик борбордун жалпы бюджетинин чакан бир бөлүгүн гана бүтөп, ал эми негизги чыгымдар ушул тапта донордук жардамдын эсебинен жабылат).

Натыйжада кызматтар туруктуу негизде көрсөтүлбөй калат. Стандарттык операциялык жол-жоболордун жоктугу, документтештирүүнүн чабал практикасы да – тийиштүү түрдөгү жана сапаттагы кызмат көрсөтүүгө кошумча тоскоолдук болуп келет.

Коомдук башталышта (pro bono) иштеген юристтер менен структураланган маектешүү акысыз юридикалык жардам берүү борборлорундагы юридикалык консультация жана квалификацияланган юридикалык жардамга бул көйгөйлөр мүнөздүү экенин көрсөттү: юристтер менен жардам алуучулардын байланышы тийиштүү деңгээлде эмес (борборго кайрылгандардын кайра багыттоо тутумунан таптакыр кабарлары жок), так бир кызмат түрүн алуунун стандарттык жол-жоболору жок, юристтер тарабынан нөөмөт тартиби сакталбайт, кардардын пикирлери (мисалы, жолугушуу тууралуу макулдашууда) эске алынбайт; кээде жер-жерлерде акысыз юридикалык жардам берүү борборлорунун кеңселерине кире албай калышат. Акысыз юридикалык кызмат көрсөтүүчү жактоочулар тууралуу маалымат жергиликтүү жамааттарда дээрлик жокко эсе, ал эми кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты бааланбайт.

*2 2017-ж. 27-апрелинде кабыл алынган «Үй-бүлөдөгү зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндөгү» мыйзам, № 63. Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндөгү мыйзам андайдан жабыр тарткандарды коргоону жакшыртуу, анын ичинде укук коргоо жана сот органдарынын чара көрүшүн карайт.*

**4. ГЗдан жабыр тарткандар көмөк издеп жана жардам алуусунда негизги социалдык-маданий жана башка структуралык кандай тоскоолдук, кызмат көрсөтүүчүлөр кайрылган адамдарды акырына чейин коштоого эмне бөгөт болушу мүмкүн? Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн көз карашында аярлуу топ, анын ичинде азчылыктардын өкүлдөрү жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга бул багытта жардамдашууда кандай так тоскоолдуктар бар?**

Аялдардын укугун коргоп, зомбулуктан, ырайымсыз мамиледен сактоону камсыздоо мамлекеттин негизги милдети болуп саналат. Бирок бул изилдөө алкагындагы баарлашуулар көрсөтүп тургандай, зомбулуктун алдын алуу жана коргоо жоопкерчилиги жүктөлгөн мамлекеттик кызматкерлер социалдык ченемдер алкагында гана аракет кылып, ГЗ учурлары менен иштөө боюнча тийиштүү окуудан өтүшкөн эмес.

Жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) өкүлдөрү ГЗдан коргоо багытындагы саясатка жооптуу мамлекеттик жана муниципалдык органдардын башчылары жетекчиликке алган патриархалдык социалдык ченемдер майнаптуу кызмат көрсөтүүгө олуттуу бир бөгөт экенин билдиришти. Социалдык ченемдердин жетегинде болуу жабыр тарткандардын жазык сот адилеттигине жетүүсүн чектеп, сот адилеттигинин маанилүү – жаза жоопкерчилигинен кутулбоо принцибин басаңдатат.

ГЗдан жабыр тарткан аялдар менен терең баарлашууларды ГЗнын алдын алуу, кылмыш жоопкерчилигине тартуу менен алектенген мамлекеттик түзүм жана ЖКУ өкүлдөрү менен жарым структураланган, ошондой эле Аксакалдар сотунун ҮЗСКЖК өкүлдөрү, pro bono жактоочулар менен структураланган маектерди кабинеттик изилдөө жана талдоо ГЗдан жапа чеккендерге кызмат көрсөткөндөр тарабынан басмырланган практиканы аныктап койду. Маселен, жактоочулар «курмандык макамын» алган (тергөөчүнүн токтомунан кийин) кардарлар менен гана иштеше башташат.

Иш сотко жеткенде патриархалдык, басмырлаган маданий ченемдер үй-бүлөлүк зомбулукка кабылгандарды айыптоодон баш тартып, «тараптардын элдешүүсү» деген мыйзам жобосун колдонуу менен кылмышкер менен жарашууга мажбурлайт.

Ушул нерсе акыйкат соттук териштирүү укугун бузуп, маданий кордук жана ушундай көрүнүштөрдүн кайталанышына негиз болууда. Мындай социалдык-маданий жана структуралык тоскоолдуктардын айынан ГЗдан запкы көргөндөр же коргоо ордерин ала албай, алган болсо анын мөөнөтүн узарта албай, же медициналык-психологиялык текшерүүдөн өтө албай, же квалификациялык юридикалык жардам же сапаттуу кызматтардан пайдалана албай кала беришет.

**5. Кризистик борборлор ишке ашырып келе жаткан алдын алуу чаралары, жамаат (ҮЗСКЖК, АС ж.б.у.с.) деңгээлинде СГЗ жөнүндөгү коомдун маалымдуулукту арттыруу механизмдери, запкы жегендер үчүн түзүлгөн ресурстар канчалык майнаптуу? Аярлуу топтордун өзгөчө керектөөлөрү кандай канааттандырылат?**

Ушул тапта ГЗ жөнүндө калктын маалымдуулугун арттырууга эл аралык колдоого татыган жарандык коом уюмдары (алардын ичинде кризистик борборлор) да чоң салым кошууда. Жергиликтүү деңгээлде иш алып барган аз сандагы ЖКУ негизинен мектеп, жогорку окуу жайларда жалпы билим берүүгө көңүл буруп, бул жаштар арасындагы гендердик ченемдерди өзгөртүүнүн эсебинен кийинкиге калтырылган жыйынтык бериши мүмкүн. Өткөн жылдардагы мыкты тажрыйбаларды документтештирүү жана баалоо бүтүндөй өлкө масштабында жетишсиз.

ГЗдан жабыр тарткан аялдар менен терең баарлашууларды ГЗнын алдын алуу, кылмыш жоопкерчилигине

тартуу менен алектенген мамлекеттик түзүм жана ЖКУ өкүлдөрү менен жарым структураланган, ошондой эле Аксакалдар сотунун УЗСКЖК өкүлдөрү жана pro bono жактоочулар менен структураланган маектерди кабинеттик изилдөө жана талдоо мамлекет ГЗнын алдын алууга байланыштуу милдеттерди аткарууда чабал болуп жатканын айгинеледи.

Жергиликтүү калкка ГЗ тууралуу маалымдоо тутуму жана зордук-зомбулуктан коргоо боюнча мамлекеттик саясатты улуттук да, жергиликтүү да деңгээлде толук өнүгө элек. Бирок бул милдет маалымдуулукту арттырууга маанилүү салым кошо ала турган мамлекеттик органдарга жүктөлгөн. Мисалы, Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникациялар борборунда эл, массалык коммуникациялар, жүрүм-турум жана маданий багыттар менен иш алып барган бөлүмдөр бар. Азыркы учурда бул түзүмдөр негизинен илдеттердин алдын алуу жана калктын саламаттыгын чыңдоо тармагында аракет көрүп, тамеки чегүүгө каршы күрөш боюнча ийгиликтүү социалдык стратегияга ээ. ГЗдан коргоо маселелерин медициналык бөлүмдөрдүн милдеттерине кошуп коюу алдын алуу иштерин жакшыртуу жаатында дурус кадам болмок.

**6. ЖМКларда ГЗга өбөлгө түзгөн (же каршы күрөшкөн) социалдык ченемдер жана чагылдыруулар кандай? Алар кантип түзүлүп жана коомдук чөйрөлөрдө кандайча жаралат?**

Талдоо көрсөткөндөй, ГЗ көйгөйү мамлекеттик ЖМКларда көндүм жана басмырлаган тейде чагылдырылат. Гендердик өңүттөгү кылмыштар тууралуу макалалардын аталыштары көп учурда окурмандын көңүлүн буруу үчүн сенсацияны кубалайт. Донордук уюмдардын колдоосунда өткөн максаттуу маалыматтык кампаниялардан тышкары ЖМК гендердик зомбулукту айыптаган материалдарды чагылдырбайт. Бул жагдай зордук-зомбулукту өнөкөткө айлантышы ыктымал.

2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетүү боюнча Улуттук стратегия жана бул багыттагы иш-аракеттердин Улуттук планында Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги маалыматтык мейкиндикте мамлекеттик гендердик саясатты ишке ашырууга жооптуу орган катары аныкталган менен аталган министрликтин мекемелик ченемдик актыларында мындай мандат жок.

2017-жылдан 2022-жылга чейинки мезгилди талдоо оң жылышты көрсөттү, атап айтканда, гендердик зомбулукка кабылгандарды басмырлаган же кылмыштын курмандыгына гана басым жасалган макалалардын саны азаюуда. Мындан сырткары, коомдук жана мамлекеттик институттардын алкагындагы материалдардын көлөмү көбөйүп жатканы байкалат. Бул жарыяланып жаткан материалдарда гендердик зомбулуктан коргоодо ар кыл мамлекеттик жана коомдук уюмдар көмөк көрсөтүп жатканы тууралуу маалымат көп чыгып жатканын, жабыр тарткандар жардам сурап кайрыла турган жактардын бар экенин айгинелейт.



# 2-БӨЛҮМ:
# ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КӨМӨК КӨРСӨТҮҮ МЕХАНИЗМДЕРИ: НЕГИЗГИ ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Гендердик зомбулукка каршы күрөш жана коргоо боюнча комплекстүү үзгүлтүксүз көмөк өндүү улуттук тутумдарды баалоо үчүн изилдөөчү топ үзгүлтүксүз көмөктөшүүнүн ар бир баскычындагы ГЗдан коргоого багытталган мамлекеттик саясатты жүргүзгөн механизмдерди жана институттарды аныктады. Жалпы жонунан 12 негизги институционалдык механизм аныкталып, алар өз-өзүнчө төрт топко бөлүнгөн: (1) алдын алуунун институционалдык механизмдери, (2) чара көрүүнүн институционалдык механизмдери, (3) сот адилеттигин жүзөгө ашыруунун институционалдык механизмдери жана (4) реабилитациянын институционалдык механизмдери.

## 1 ГЗ АЛДЫН АЛУУНУН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК МЕХАНИЗМДЕРИ

Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети мекемелер аралык координация алкагында аткарылган мамлекеттик жана муниципалдык органдардын алдын алуу аракеттерине байкоо салат. Ал эми мекемелердин көпчүлүгүндө ГЗнын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу ички түзүмдөр жок. Бул багыттагы негизги кызмат көрсөтүүлөрдүн эл аралык стандарттары маалыматтык жана билим берүү ишмердигине жооптуу түзүмдөрдүн болушун өбөлгөлөйт.

Кыргыз Республикасында функционалдык милдеттер алкагындагы жоопкерчиликти бул тийиштүү мекемелер алат: Саламаттык сактоо министрлиги, Билим берүү министрлиги, Ички иштер министрлиги жана башкалар. Алдын алуу боюнча маалыматтык-тарбиялык иш-чаралар жаатындагы негизги иш жарандык коом жана жергиликтүү уюмдар тарабынан долбоор жана программалар алкагында гана аткарылып, бул ишмердиктин майдаланышына алып келет. Мындай ишмердиктин натыйжалуулугу кампания өткөрүүдө «камтуу» көрсөткүчтөрү менен эле чектелип калат.

Изилдөө кызмат көрсөткөндөр ГЗга каршы күрөштүн натыйжалуу стратегияларын ар башкача түшүнөрүн аныктады. Атап айтканда, ички иштер органдарынын кызматкерлери жана социалдык коргоо тутумдары маселе эл ичинде алдын алуу иштерин күчөтүү менен чечүүгө болорун, ал эми жарандык активисттер запкы жегендердин кызматтардан пайдалана алуу тууралуу маалымдуулугун жогорулатууга артыкчылык берет.

Аксакалдар сотунун өкүлдөрү тараптарды жараштырууга умтулушса, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү зомбулукка кабылгандарды коопсуз турак жай жана киреше алып келе турган ишмердик таап берүү өндүү узак мөөнөттүү кызматтарды чечүү керектигин белгилешет.

### Аксакалдар соту (АС)

Кыргыз Республикасында бул коомдук институттун уюшулуп, иш алып барып келе жатканынан бир топ убакыт болгонуна карабастан анын ишмердигин жөнгө салуу чектелүү, ал эми алардын чечимдерине райондук жана шаардык соттордо кайра даттанууга болот.

Мыйзамга ылайык аксакалдар сотунун негизги үч милдетинин бири «айылдык муниципалдык район жана шаарлардын аймагында мыйзамдуулукту жана тартипти камсыздоо, укук бузуулардын алдын алуу» (3-берене: «Аксакалдар сотунун негизги милдеттери» болуп саналат. Бирок бул изилдөө мындай соттордун мүчөлөрү ГЗнын

алдын алуу жана чара көрүү маселелеринде кризистик борборлор менен кызматташууга анчейин ашыкпастыгын көрсөттү.

Сурамжылоого катышкандардын үчтөн бир бөлүгү (33%) зордук-зомбулуктан коргоо иш-аракеттеринде кризистик борборлорду өнөктөш катары таанышат. Респонденттердин көпчүлүгү ГЗга каршы күрөштө жергиликтүү бийлик органдарын, милицияны жана социалдык кызматкерлерди өнөктөш катары көрүп, ЖМК жана медициналык кызматкерлерди өнөктөш катары санагандар азыраак болду.

Чүй, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарындагы аялдар жана эркектер менен болгон фокус-топтук талкуулар ГЗга[3] чара көрүү боюнча Аксакалдар сотунун ишмердигине жалпы жонунан шектенүү менен карай турганын, эч бири кандайдыр алдын алуу чаралары жөнүндө укпаганын көрсөттү.

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер (ҮЗСКЖК)**

ҮЗСКЖК – үй-бүлөлүк зомбулуктун, аялдар, балдар, улгайган адамдар жана эмгекке жарамсыз жарандардын укуктарынын бузулушун алдын алуу маселелери боюнча бирге аракет кылуу, кызматташуу үчүн мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү, жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүнүн ыктыярдуу катышуусунда түзүлүп, туруктуу иш алып барган коллегиялык орган.

Комитеттин негизги максаты – үй-бүлөдөгү зомбулуктун жана кыз-келиндердин укуктарынын бузулушун алдын алууга салым кошуу[4]. Изилдөөдө бул милдетти аткарууда ҮЗСКЖК кабылган бир катар тоскоолдуктар, анын ичинде жамааттарды санаага салган белги же окуялар, ал эми комитеттер андай сигналдарды документтештирүү жөнүндө так белгиленген бир каналдардын жоктугу аныкталды.

Көпчүлүк ҮЗСКЖК өз жамааттарында үй-бүлөлүк зомбулук учурлары аныкталбаганын, мындан улам «азырынча» комитеттердин кийлигишүүгө негиздери жок экенин билдирип, «чара көрүү» позициясын гана карманышат. ҮЗСКЖКларда өз ишмердигин баалоо тутуму, байкоо салуу тажрыйбасы колдонулбайт. Сурамжылоого катышкандардын 80%ы өз ишмердигине берилген бааларды жүйөлүү түрдө түшүндүрө алышкан жок.

Калкты окутуу үчүн маалыматтык материалдар аймактарга жараша айырмаланып, ал эми маалымдуулукту арттыруу чаралары аныкталган тобокелдик факторлоруна дал келбейт. Комитет тарабынан демилгеленген, негизинен жогорку класстардын окуучулары, азыраак деңгээлде алардын ата-энелерине ылайыкталган иш-чаралардын 80 пайызы жергиликтүү мектептерде өткөрүлгөн.

Сурамжыланган ҮЗСКЖК мүчөлөрүнүн 70 пайызы сексуалдык жана гендердик зомбулуктун (СГЗ) алдын алуу жана чара көрүү боюнча тренингдерге катышканын айтышты. Бирок буга карабастан, алардын 50%ы мындай учурларда кандай аракет кылууну толук түшүнө бербей турганын белгилешти.

*3 Маселен, коңшусу зордуктаган жаш айымдын акыбалын талкуулоодо Чүй облусунун мырзалары жабыр тарткан айым Аксакалдар сотуна кайрылуудан корко турганын, себеби ал « канга кан» деген адат боюнча чечим кабыл алып коюшу мүмкүн экенин, мындай жагдай үй-бүлөсү үчүн олуттуу кейгей жаратышы ыктымалдыгын белгилешти.*

*4 Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (2021). Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет жөнүндөгү типтүү жобо.* https://mlsp.gov.kg/wp-content/uploads/2021/09/tipovoe-polozhenie.pdf

## Маалыматтык-тарбиялык борборлор

ГЗ сымал феномендин комплекстүү социалдык-экологиялык үлгүсүнүн системасында эл аралык стандарттар маалыматтык-тарбиялык борборлордун негизги ролун коомдо ГЗнын алдын алуу борборлору катары баса белгилейт.

Кыргызстанда мындай борборлор жок. Калкты ГЗ тууралуу маалымдоо милдети формалдуу түрдө Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жана мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарына жүктөлгөн. Анткен менен бул ыйгарым укуктар министрликтердин мекемелик нускамаларында чагылдырылган эмес. Ал эми жарыяланган макалаларды талдоодо негизги жалпыга маалымдоо каражаттарында ГЗны чагылдыруу көндүм жана басмырлаган мүнөздө экени байкалды.

Эксперттик коомчулук жана жарандык коом уюмдары тарабынан ЖМК кызматкерлери үчүн да, журналистика факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн да гендердик-сезимтал журналистика боюнча көптөгөн окуу модулдары иштелип чыккан. Бирок мамлекеттик ЖМКлардын, КР Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин кызматкерлери гендердик зомбулуктун алдын алуу механизмдерине толук тартылган эмес.

## Мамлекеттик социалдык буюртмалар (МСБ)

МСБ — мамлекеттик тендер, анын алкагында социалдык кызмат көрсөтүүлөр жарандык коом уюмдарына жана башка бейөкмөт уюмдарга аутсорсингге берилет. Мамлекеттик социалдык буюртмалар жөнүндөгү мыйзам 2017-жылы кабыл алынгандан тарта кызматтарды аутсорсингин жөнгө салуу, кызмат көрсөтүүлөр боюнча долбоордук сооданы уюштуруу, жарандык коом уюмдары үчүн мамлекеттик социалдык буюртмаларды бөлүштүрүүдө бир кыйла жылыш бар.

Анткен менен кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан ишмердиктин маанилүү бир бөлүгү дале жөнгө салынбайт. Мисалы, мамлекеттик социалдык буюртмалар алкагында сатып алына турган айрым кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде кризистик борбор, баш калкалоо жайлары тийиштүү мамлекеттик стандарттарга жатпайт. Ал тургай, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине да киргизилген эмес.

2019-жылдан 2022-жылга дейре Мамлекеттик социалдык буюртманын каржыланган бардык долбоорлорунун 14%ы гендердик жана сексуалдык зомбулуктун алдын алууга/чара көрүүгө багытталган.

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча соңку беш жылда МСБ каржылоо жылына 5,4 миллиондон 7 миллион сомго чейин жогорулаган. Каржылоо баш калкалоо жайларын, түзөтүүчү программаларды колдоого багытталган.

# 2 ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУККА ЧАРА КӨРҮҮНҮН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК МЕХАНИЗМДЕРИ

Чара көрүүнүн бардык механизмдери боюнча сурамжылангандардын дээрлик үчтөн бири азыркы стандарттык операциялык жол-жоболор (СОЖ) талапка жооп бербейт. Стандарттар тийиштүү текшерүүсүз кабыл алынып, майнаптуулугун жогорулатуу максатында кайра каралбайт. СОЖ (түзүмдөрдүн ролу, улуттук жана жергиликтүү деңгээлде адистерге кайра багыттоо механизмдери, кайра багыттоону документтештирүү, келтирилген залалдын ордун толуктоону стандартташтыруу) тескеген аспектилердин дээрлик баары жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес.

ГЗга каршы күрөштө улуттук жана жергиликтүү деңгээлде иш-аракеттерге байкоо салуу жана баалоону камсыздоо дале чабал жүрүүдө. Бүтүндөй институттардын иши да, көрүлгөн чаралардын жыйынтыктары иштелип чыккан индикаторлордун жоктугунан улам көп учурда бааланбай калат. Кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугу, сапаты боюнча бытыранды көрсөткүчтөр болсо да алар кызмат көрсөткөн жактардын кесиптик өсүшүнө жана сыйлоого эч таасир этпейт, ошондуктан чара көрүүчү бардык кызматтарды тескөө натыйжага басым жасабайт.

## Коргоо ордерлери

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында айыптуу менен зомбулуктан жабыр тарткан адамдын түз же кыйыр байланышына тыюу салган Коргоо ордери жөнүндөгү жоболор көйгөй жаратат, анткени мыйзам бузган кишини обочолонтуу механизми каралган эмес. Адатта социалдык ченемдер там эркектин менчиги экенин таңуулайт, маданий өзгөчөлүктөрдөн улам ал үйдөн убактылуу болсо да чыкпайт. Ошондуктан кылмышкерлер көнгөн турак жайына кайтып, «арыз жазып даттанганы» үчүн кайра аялдарына кол көтөргөн учурлар арбын.

2021 жана 2022-жылдар аралыгындагы гендердик өңүттөгү кылмыштарга байланыштуу 200 сот ишин талдоодо процессуалдык чечимдердин эч биринде мурда берилген коргоо ордерлери туурасында айтылбаганына күбө болдук. Бирок 14 жабырлануучу сотто узак убакыт бою кордук көрүп, кайра-кайра зомбулукка кабылып отурганын айтышкан.



## Кризистик борборлор жана баш калкалоо жайлары

Кыргыз Республикасында баш калкалоо жайларынын ишмердиги кепилденген социалдык кызматтар жөнүндөгү жобо менен жөнгө салынат. Баш калкалоо жайы социалдык тейлөө мекемеси, мамлекеттик социалдык буюртманы алуучу катары ыктыярдуу түрдө мамлекеттик аккредитацияны ала алат. Анткен менен аялдар үчүн баш калкалоо жайлары мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр реестрине кошулган эмес. Ал эми бул стандартташтыруу жана мамлекеттик социалдык буюртма алуу үчүн өтө маанилүү. Калктын жан башына алгандагы көрсөткүч боюнча чөлкөмдүк (Борбор Азияда), улуттук, жалпы уюштуруу нормативдери жок.

2018-жылы Кыргыз Республикасынын кризистик борборлор биримдигинин демилгеси менен КР Экономика министрлигинин алдындагы Стандартташтыруу жана метрология борбору тарабынан консультациялык-алдын алуу (кризистик) борборлорунда, алардын менчик формасына карабай, аялдарга көрсөтүлгөн социалдык кызматтарга тиешелүү стандарт кабыл алынган.

Бул стандарт үй-бүлөлүк, дене-бойлук, психологиялык, сексуалдык зомбулукка кабылып, оор турмуштук абалга тушуккан, адам сатуу же кулчулукка окшош шарттардан жабыр тарткан аялдарга минималдык социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү, түрү, шарттары, анын ичинде кризистик борборлордо утурумдук жай берүү тартибин аныктайт. Стандартты пайдалануу тармагы кыйла кеңири, ошондой эле документте ГЗга кабылган аялдар үчүн атайын баш калкалоо жайларына мүнөздүү өзгөчөлүктөр каралган эмес.

Аялдардын көпчүлүгү балдары, анын ичинде жаңы төрөлгөн ымыркайлары менен мындай жайларда баш калкалашат, анткен менен уюмдар тийиштүү ресурстарга (балдар аянтчалары, атайын программалар, адистер жана башка ушул сыяктуу) ээлик кылбайт, ал эми аялдарды балдары менен жайгаштыруу маселеси улуттук стандартта чагылдырылбай калган. Баш калкалоо жайларынын эч биринде майыптыгы бар кыз-келиндер үчүн программалар жок.

Натыйжада баш калкалоо жайлар ар кандай эрежелер менен иштейт. Айрым кризистик борборлордо жардам сурап кайрылгандарды чектөө жана басмырлоонун жазылбаган ченемдери иштейт. Мисалы, кардарлар эки жолу кабыл алынбайт, айрым борборлордо «кара тизмелер» да иштеп, кайрылган адамдардын кайсы бир категориялары басмырлоого кабылышат. Көп учурда баш калкалоо жайларынын ишмердиги начар документтештирилет.

Мындай жайды башкаруу ар кыл булактан колдоо жана кызматкерлерди тандоодо ийкемдүүлүктү камсыздоо үчүн адатта ар бир белгилүү бир долбоордун негизинде түзүлөт. Бул башкаруу функциялары, анын ичинде пландоо, ишти уюштуруу, шыктандыруу жана көзөмөл баш калкалоо жайын өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттары эмес, көбүнесе кыска мөөнөттүү белгилүү бир долбоордун максаттарына жараша аныкталат.

Мындай шартта аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына байкоо салуунун ички тутумдарын түптөө кыйын. Дээрлик бардык изилденген уюмдар ар бир долбоорго өзүнчө байкоо салуу инструменттерин колдонот. Ошондуктан каржылык башкаруу жаңыдан орноп жатканына жана баш калкалоо жайларынын басымдуу бөлүгүнүн белгилүү бюджетинин жоктугуна таң калып болбойт.

Кызматкерлер жана адистер мындай жайларда же кризистик борбордо да, башка бир уюмдарда да да иштейт. Болгону жалгыз бир кризистик борбор/баш калкалоо жайы гана каржылык көз карандысыздыкты «алтын стандартына» жакындаганын маалымдаган.

## Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам жана акысыз юридикалык коштоо (Pro Bono)

Юстиция министрлигинин алдындагы Акысыз юридикалык көмөк көрсөтүү борбору катары белгилүү болгон мамлекеттик кызмат 2009-жылы, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынгандан кийин түзүлгөн.

Мыйзам тек гана кылмыш-жаза иштери менен чектелип, ГЗ учурларынын көпчүлүгүндө колдонулган эмес. 2022-жылы аталган мыйзам кайрадан терең каралып чыгып, жарандык, административдик жана кылмыш-жаза иштери боюнча квалификациялык юридикалык жардам алууга укук берген механизм киргизилген. Бирок мыйзамдын натыйжалуу пайдаланылышына зарыл болгон механизм жана жоболорду иштеп чыгуу үчүн кошумча көмөк керек. Мамлекет юридикалык көмөк көрсөткөндөрдүн ишбилгилигин камсыздоого жоопкерчиликти алат. «Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндөгү» мыйзамга ылайык, мамлекет тарабынан ыйгарым укук берилген орган кызмат көрсөтүүчүлөрдү каттайт: юридикалык ишмердикти тастыктоо квалификациялык экзамендин негизинде жүргүзүлүп, тастыктаманы кайра чакырып алуу же жокко чыгаруу механизмдери бар (бирок көрсөтүлгөн көмөктүн сапаты же кардарлардын канааттанып-канааттанбаганы мында себеп катары каралбайт).

Окутуу ЖКУнун колдоосунда гана өткөрүлөт. Адвокаттар кеңеши жана анын Окуу борборунда жалпы пайдалануу окуу пландары же билим берүү программасы, окуудагы керектөөлөрдү баалоо тууралуу маалыматтар жокко эсе. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Адвокаттар кеңеши мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкагында кылмыш, жарандык жана административдик иштер боюнча квалификациялуу юридикалык көмөк көрсөткөн жактоочулар үчүн кесиптик сапат стандарттарын бекиткен. Бирок ошол стандарттарда зомбулукка кабылган аялдарга жардам берүүгө байланыштуу алгоритмдер камтылган эмес.

Сурамжыланган жактоочулардын дээрлик үчтөн бири ГЗга чара көрүү үчүн иштелип чыккан СОЖдор талапка жооп бербейт деп эсептешет. Стандарттар жетиштүү түрдөгү апробациясыз кабыл алынып, майнаптуулугун арттыруу үчүн кайра каралбайт. СОЖ жөнгө салган дээрлик бардык аспектилер (улуттук жана жергиликтүү деңгээлде кайра багыттоо субъектилери жана механизмдеринин ролу, кайра багыттоону документтештирүү, компенсацияны стандартташтыруу жана башкалар) чала иштелип чыккан деп бааланат.

Pro bono жактоочулар жана мамлекеттик акысыз юридикалык жардам берүү борборлорундагы юристтер адатта тар адистикке ээ болуп, бирок жабырлануучулар көп учурда толук жардамга муктаж. Юристтердин 2020–2022-жылдар аралыгында Борбордун сайтына жайгаштырылган отчетторунда квалификациялык юридикалык кызматтар зомбулукка кабылган жыйырмадан ашуун кишиге көрсөтүлгөн. Ошол иштерге катышкан юристтердин эч бири зомбулукка кабылгандарга юридикалык кызмат көрсөтүү тажрыйбасына ээ болгон эмес.

Көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын[5] сапатына байкоо салуу жана баалоо тутуму түзүлгөн эмес. Мурда мониторинг жүргүзүү милдетин Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын Координациялык борборунун катчылыгы аткарган. Бирок 2020-жылдан тарта юридикалык жардам берүү борборлорунун ишмердигине жарандык мониторинг дээрлик жүргүзүлбөйт. Ошондуктан жалпы жонунан мамлекеттик юридикалык жардамдын да, pro bono юристтеринин да кызмат көрсөтүү сапаты, ГЗга байланыштуу иштердин жыйынтыктары жөнүндө маалыматтар дээрлик жок. Сурамжыланган адистердин эч кимиси ГЗдан жабыр тарткандарга тиешелүү иштерди жүргүзгөн эмес. Ошентсе да, Юристтер ассоциациясынын сайтындагы маалыматтарга ылайык, кабыл алынган иштердин 80%дан ашууну зордук-зомбулук, анын ичинде жашы жетелектерге жасалган оор кылмыштарга айыптоолорго байланыштуу. Жактоочулар колго алган жалпы иштердин 70 пайыздан ашууну акысыз жардам алуучунун пайдасына чечилген.

*5 Акысыз юридикалык жардам берүү борборлорунун өнүгүү тарыхы чагылдырылган тиркемеде мониторинг жана баалоонун ар кыл инструменттери кеңири берилген. Юридикалык жардам тутуму тууралуу толук маалыматтарды талдоо алардын арасынан айырмаланып турат. Бул документ юридикалык көмөк көрсөткөндөр тарабынан даярдалган расмий документтердин мазмунун талдоону камтыйт. Мындан тышкары, ийгиликтүү мисалдарды баалоо, арыздарды талдоо жана жарандык коом уюмдарынын ишмердигине жүргүзүлгөн мониторинг мисал келтирилди.*

КР Юстиция министрлиги USAIDдин «Жигердүү жарандар» долбоорунун жана жарандык коом уюмдарынын колдоосу менен акысыз юридикалык жардам алуу укугун кеңейтүүнү демилгелеген.
«Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам» мыйзамы (2022-жылдын 10-августунда кабыл алынган) квалификациялык юридикалык жардам жана консультация алуу укугуна ээ жактардын категориясын кеңейтти. Атап айтканда, аларга үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган, адам сатуу курмандыктары, качкындар, жарандыгы жок кишилер, өздүгү аныкталбаган/аныктоого мүмкүн болбогон жактар жана чет элдиктер кошулду. Ошондой эле кылмыш-жаза иштери боюнча гана эмес, жарандык жана административдик иштерде да, соттон тышкаркы териштирүүлөрдө да квалификациялык юридикалык жардам берүү механизми, юридикалык жардамды каржылоо жана башкаруунун так эрежелери бекитилди.
Жаңы мыйзамда юридикалык жардамга кеткен чыгымдарды жабууга айыпталуучуну милдеттендирген басмырлоочу жоболор алып салынды. Акысыз жардам берүү системасын реформалоонун натыйжаларынын бири – Юстиция министрлигинин алдында Кыргызстанда бул кызматтарды уюштура турган негизги органдын – Юридикалык жардам кызматынын түзүлүшү. USAIDдин «Жигердүү жарандар» долбоору USAIDдин «Укук булагы» долбоору жана БУУӨП менен биргеликте жакында эле түптөлгөн Акысыз юридикалык жардам кызматына (мурда АЮЖБ  деп аталган) институционалдык потенциалды бекемдөө жана мындай жардамды алуунун жол-жобосу боюнча маалымдуулукту жогорулатууда колдоо көрсөтүп келет.

### Кайра багыттоо механизми

Мыйзам базасынын алкагында улуттук деңгээлде кайра багыттоо тутуму түзүлгөн. Ага негизги кызмат көрсөтүүчүлөр, анын ичинде медициналык жардам, психиатриялык жана психосоциалдык колдоо, коргоо жана коопсуздук, сот адилеттигин ишке ашыруу жана юридикалык көмөк кирет. Бирок бул механизмди ишке ашыруунун да кемчиликтери бар, атап айтканда:

- Кызмат көрсөтүүчүлөрдүн ГЗнын алдын алуу жана чара көрүү эмне экенин, ошондой эле ишке ашыруунун майнаптуу стратегияларын ар башкача кабылдашы;
- Кайра багыттоо жана ГЗга каршы чара көрүү тутумундагы саясаттын субъектилеринин мыйзамда аныкталгандай теңата катышпаганы;
- Байкоо салуу жана баалоонун тутумунун жоктугу, бул саясаттын субъектилеринин ортосундагы формалдуу аракет этүүгө алып келет;
- Аймактар жана тармактар аралык кайра багыттоо боюнча СОЖдордун жоктугу, натыйжада кризистик борборлор менен баш калкалоочу жайлар өз жетекчилеринин жеке байланыштарынан көз каранды болушат;
- Өз ара тажрыйба алмашуунун жана топтолгон билимди колдонуунун чабалдыгы;
- Акысыз юридикалык жардам берген юристтерди сурамжылоодогу маалыматтарга караганда аларга көбүнесе тааныштар же кесиптештери кайрылат. Укук коргоо органдары, кризистик борбор, башка бейөкмөт уюмдар же жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары, кайра багыттаган учурлар сейрек кездешет;
- Кайра багыттоо механизмин натыйжалуу пайдаланууга кызмат көрсөтүүчүлөр жана жабыр тарткандардын өздөрүнө социалдык-маданий ченемдердин таасири бөгөт болот. «Баары бирин-бири тааныган» коомдо жашоо ГЗдан запкы жеген адамдын тийиштүү мекемеге кайрылбай, ошондой эле дарыгерлерди да «Үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча жарандардын арызын каттоо журналына» жазбай, ГЗ/УЗ жабыр тарткандар үчүн кызматтар (коргоо ордерлери, кризистик борбор жана башкалар) тууралуу маалымат бербөөгө аргасыз кылышы ыктымал;
- Мамлекеттик кызмат көрсөтүүчүлөрдүн өздөрү ГЗ/УЗ запкы жегендердин муниципалдык кызмат алгандан кийинки абалына анчейин байкоо салынбастыгын моюнга алышат;
- Кызмат көрсөтүүлөр тууралуу маалымдоо жетиштүү деңгээлде эмес: изилдөөнүн жүрүшүндө сурамжыланган ГЗ/УЗ жабыр тарткандар баш паанек жана кризистик борборлор жөнүндө тааныштарынан укканын же социалдык медиа аркылуу билгенин айтышты.

# 3 СОТ АДИЛЕТТИГИН ИШКЕ АШЫРУУНУН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК МЕХАНИЗМДЕРИ

Сот адилеттигин камсыздоочу негизги түзүмдөрдүн ортосундагы автоматташтырылган интеграция процесси жана маалымат алмашуу (Автоматташтырылган маалыматтык тутум, Кылмыш жана жоруктардын бирдиктүү реестри, Ички иштер министрлигинин маалымат базасы) азырынча ишке ашырыла элек, ошол себептүү мекемелер статистикасы абдан бытыранды. Улуттук мыйзамдарды, укук коргоо тажрыйбасын сот адилеттигинин эл аралык стандарттары ГЗ/ҮЗ жапа чеккендерди, күбөлөрдү коргоо механизми менен салыштыруу бир катар процессуалдык алешемдиктерди аныктап чыгат:

## Жеке көрсөтмө бербөө укугу:

2019-жылдан бери Кыргыз Республикасында ГЗ/ҮЗ жабыр тарткандар сотто жеке өздөрү көрсөтмө бербей кое алышат. Бирок мындай укук бар экенине карабастан, иш жүзүндө соттор адатта жабырлануучунун сот залында көрсөтмө беришин талап кылышат. Изилдөө соттор гендердик көндүм пикирде болуп, ГЗ/ҮЗ жапа чеккендерге анчейин ишенбей же көрсөтмөнү кошумча далилдер менен бекемдөө үчүн юридикалык милдеттенмелерди тагышы мүмкүн.

## Тараптарды жараштыруу институту:

Зордуктоо жана сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер оор кылмышка кирет, бирок мыйзам ушундай учурларда да тараптардын жарашуусун карайт. Элдештирүү механизминин кеңири колдонулушу мыйзам бузгандардын жоопкерчиликтен буйтап кетишине жол ачып, жазанын болбой койбостугу принцибине карама-каршы келип, бул адамды таптакыр жазалансай калчудай жаңылыш ойго түртөт. Мындан тышкары да соттор укуктук бааны чанда берип, зордук-зомбулуктун узактыгы (кайталанып келиши) жөнүндөгү күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн этибарга алышпайт.

Сурамжыланган юристтердин 77%ы зомбулукка кабылгандардын сот адилеттигине жетишине негизги бөгөт маданий басым тоскоол экенин белгилешти. Натыйжада дээрлик бардык жерде «тараптардын жарашуусуна» байланыштуу кылмыш иши токтотулат.

## Мыйзамдардын бир өңчөй эместиги:

саламаттыкка залал келтирген кылмыштар боюнча сот тажрыйбасын талдоо «ден соолукка жеңил зыян келтиргендигин» тергөөчү жорук да, оор кылмыш деп да белгилеп кое аларын көрсөттү. Денеге жаракат берүү боюнча 48 иштин 37%ы тараптардын жарашуусу менен токтотулуп, 25% учурунда пробациялык көзөмөл чечими чыгарылган. 19%ында айыпталуучулар эркинен ажыратылып, ал эми 13%ында аларга айып пул салынган.

## Кылмыштын оордугуна жараша ченелбеген жазалар:

Өмүргө коркунуч туудурган кылмыштар боюнча сот чечимдерин талдоо өкүмдөр дайым эле кылмыштын оордугуна жараша чыгарылбастыгын айгинеледи. Жыныстык кол тийбестикке жана жыныстык эркиндикке каршы кылмыштар боюнча 48 сот чечиминин ичинен кылмыш иштеринин 49 пайызы тараптардын жарашуусунан улам токтотулуп, айыпталуучулардын 35 пайызы эркинен ажыратылган.

Талданган материалдардын арасында жашы жете элек (14 жаштагы) кыздардын жыныстык кол тийбестигине каршы, бирок укук коргоо органдары жана соттор тарабынан жыныстык катнашка өз каалоосу менен барган деп квалификацияланган кылмыш иштери да болгон. Үй-бүлөлүк мамиле жана балдардын кызыкчылыгына каршы кылмыштардын (никеге туруу максатында ала качуу, диний ырым-жырымдарды жасоо менен никеге туруу курагы жөнүндөгү мыйзамды бузуу, никеге турууга мажбурлоо; үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук) беш пайызында гана камакка алуу чарасы колдонулган. Көпчүлүгүнүн ары-бери жүрүү эркиндиги гана чектелип (41%) же үй камагына (13%) чыгарылган.

Маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, гендердик өңүттөгү кылмыш жасаган жана үй-бүлөлүк зомбулукка баргандарды жазалоонун негизги түрү – эркиндигинен ажыратуу чарасы болуп саналат. Анткен менен изилдөөнүн алкагында талданган 164 кылмыш иштин ичинде 41 айыпталуучуга (25%) сот пробациялык көзөмөлдү гана белгилеген. Юриспруденция жаатындагы эксперттер мындай шарттуу кесүү акылга сыйбастыгын, жаза кылмыштын оордугуна жараша берилбегенин белгилешет.

Сот адилеттигин ишке ашыруу маанилүү бир даражада стандартташтырылган эмес. 2022-жылы сот тажрыйбасын жалпылаштыруу, сот статистикасын талдоо жана боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун ишмердигин камсыздоо бөлүмү тарабынан 2017–2020-жылдар аралыгындагы гендердик өңүттөгү кылмыш-жаза иштери боюнча сот тажрыйбасы жалпылаштырылган. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кылмыш-жаза, административдик иштер боюнча соттук коллегиялар тарабынан бүгүнкү күнгө чейин каралууда. Бирок, мыйзамдагы өзгөрүүлөр, атап айтканда, 2021-жылы Кылмыш-жаза жана Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстеринин жаңы редакцияларынын күчүнө кириши менен жалпылаштыруунун кажети калган эмес.

## 4 РЕАБИЛИТАЦИЯЛООНУН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК МЕХАНИЗМДЕРИ

2019-жылдын август айында КР Өкмөтүнүн «Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо тартиби жөнүндөгү» токтому менен Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө программасы бекитилген.

Программанын максаты – үй-бүлөлүк зомбулукка барган адамдардын кемсинтүү зомбулук көрсөтүү жүрүм-турумун урмат-сый жана коопсуз жүрүм-турумга өзгөртүү ыкмаларын киргизүү жолу менен үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан үй-бүлөлөргө жардам берүү; үй-бүлөлүк зомбулук көрсөткөн адамдардын өз жүрүм-турумунун кесепеттери үчүн жоопкерчилигин жогорулатуу; үй-бүлөлүк зомбулуктун кайра кайталанышына жол бербөөгө көмөктөшүү.

Мындай тажрыйбанын объективдүү да («милдеттүү» оңдоп-түзөө программасына катышуучуларды топтоо маселелери), субъективдүү да (патриархалдык социалдык ченемдердин басымы) факторлорунан улам программаны жүзөгө ашыруучулар «ыктыярдуу» топторду түзүү менен аны үй-бүлөдөгү мамиледе баарлашуу жөндөмүн жакшыртуу же «өнөктөштүк» программасы катары жайылтууга далалат кылышты. Бул программанын максаттарын кыйла өзгөртүп коет. Изилдөөнүн алкагында алынган интервьюда программанын адистери бул өзгөрүүлөрдү «катышуучулар өз аялдарын окутууну суранышат», «эки тарапты тең тыңдоо керек», «аялдар көп учурда сүйлөшпөйт» деген өңдүү билдирүүлөр менен түшүндүрүштү.

Субъектилерди оңдоп-түзөө программасына жөнөтүү Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин территориалдык түзүмдөрүнүн иш милдеттерине кирбейт, бирок КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндөгү» мыйзамы менен алар Оңдоп-түзөө программасынын ишке ашырылышы үчүн жооптуу мамлекеттик орган катары аныкталган. Оңдоп-түзөө программаларын майнаптуу жүргүзүү үчүн зомбулуктун мүнөзүн жана анын кайталануу тобокелдигин баалай турган абдан сезимтал инструменттер зарыл.

Тобокелдиктерди баалоо жол-жоболору жана аларды жөнгө салуу стратегиялары зордук-зомбулуктун кайталанышына жол бербөө, андай жосундун масштабын азайтуу боюнча комплекстүү чараларынын бөлүгү катары каралат.

Кыргызстанда Friedrich-Ebert-Stiftung (Фридрих Эберт фонду) долбоорлорунун алкагында ODARA (Ontario Domestic Assault Risk Assessment – Онтариодогу үй-бүлөлүк зомбулук коркунучун баалоо) инструменти кеңири белгилүү. Бул жакын өнөктөшүнө күч колдонгон мыйзам бузуучуларды төмөн жана жогорку тобокелдик категориялары боюнча бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет. Бул инструментти пайдалануу боюнча укук коргоо органдары, коомдук уюмдар жана кризистик борборлордун кызматкерлеринин арасында оңдогон тренингдер уюштурулган.

Бишкек шаарындагы Октябрь райондук ички иштер бөлүмүндө бир нече жылдан бери сынамык долбоор иштеп келет. Анткен менен анын иш жүзүндө пайдаланылышы жөнүндө таптакыр маалымат жок. Эл аралык тажрыйбада тобокелдиктердин бардык түрүн баалай турган ар кыл инструменттер колдонулат. Маселен, тобокелдиктерди баалоо инструменттеринин ODARA да курамына кирген да, ошондой эле өлүмгө кептеген коркунучтарды баалоо куралдарынын тобу бар. Тобокелдиктерди баалоочу инструменттерди иштеп чыккандар мындай программалар эң оболу коргоо тутумуна жабырлануучу/потенциалдуу курмандыктарды тезинен кошуу үчүн маанилүү экенин белгилешет.

# 3-БӨЛҮМ:
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ, ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ДОНОРДУК КООМЧУЛУК ҮЧҮН НЕГИЗГИ СУНУШТАР

## 1 Кыргыз Республикасынын өкмөтү үчүн негизги сунуштар

***Кыргыз Республикасы гендердик өңүттөгү кылмыштардын алдын алуу чараларын жакшыртуу жана ГЗдан жабыр тарткандардын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган мыйзамдарды бекемдөө жагынан Борбор Азияда лидер болуп саналат. ГЗ жаатындагы мыйзамдарды реформалоо топтомунун парламент тарабынан кабыл алынышы өлкөнүн мыйзам базасын мындан ары да мыктылоого саясий эрки бар экенин айгинелеп турат. Төмөндө берилген сунуштар реформалардын азыркы процессине, ошондой эле ченемдик базаны жана инфраструктураны кыйла масштабдуу түрдө жакшыртууга байланыштуу.***



### МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУ ЖАНА УКУКТУК БАЗА

Мыйзам базасына бул оңдоолордун киргизилиши алдын алуу, коргоо, соттук териштирүүлөрдүн натыйжалуулугун арттырып, эл аралык стандарттарга шайкеш укуктук коргоо каражаттарын сунуштоону камсыз кылат. Ошону менен бирге эле бул отчетто аныкталган көптөгөн алешемдиктер жана тоскоолдуктарды жое алат.

- Никеге туруу курагы жөнүндөгү мыйзамды бузууда же «зордуктоо», «сексуалдык зомбулук» учурларында тараптардын жарашуу мүмкүнчүлүгүн алып салуу. Ден соолукка олуттуу залал же жаракат келтирген мыйзам бузууларда эки жактын элдешүүсүнө жол берилбөөгө тийиш;
- Жашы жете электерди сексуалдык эксплутация жана зомбулуктан коргоо максатында өз макулдугу менен сексуалдык катнашка баруунун минималдык курагын белгилөө;
- Гендердик өңүттөгү оор кылмыштар менен соттолгон адамдарга пробацияны пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алып салуу. Бул жасалган кылмыштарга жараша адилеттүү жана туура жаза чарасын берүүгө өбөлгө болот;
- Жабырлануучуларга гендердик өңүттөгү кылмыш иштери боюнча тергөө сотуна түз көрсөтмө берүү жөнүндө өтүнүү укугун берүү. Бул ГЗ\ҮЗдан жапа чеккендердин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, алардын сот жараянына активдүү катышуусун камсыздайт;
- Коргоо ордеринин мөөнөтүндө айыпталуучу менен ГЗ/ҮЗ жабырлануучунун түз жана кыйыр байланышына тыюу салуу жана аны жөндөөгө багытталган мыйзам базасын кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү. Бул талаптар аткарылбаса, жазалоо мүмкүнчүлүгүн карап көрүү. Бул отчеттуулукту камсыздап, Коргоо ордерлерин пайдалануунун майнаптуулугун жогорулатат;
- Бул багыттагы саясатка ГЗга кабылган адамдарга акысыз юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү жана сапатын жогорулата турган өзгөрүүлөрдү киргизүү, анын ичинде көмөктөшүүнү сунуштоо стандарттарын иштеп чыгып, кабыл алуу.

## КӨЗӨМӨЛ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК

- Кыйла макулдашылган ыкманы түзүү үчүн бул багыттагы саясаттын ГЗнын алдын алууга катышкан субъектилеринин ченемдик аныктамаларын стандартташтыруу. Ушул тапта ченемдик актылар жооптуу аткаруучуларды ар башкача аныктап, ал эми бул координация жана өз ара аракет этүү жол-жобосунда түшүнбөстүктөрдү жаратууда;
- Жергиликтүү деңгээлде мекемелер аралык координация, өз ара аракет этүү жана маалымат алмашуу үчүн ГЗнын алдын алуу жана андан коргоо боюнча ыйгарым укуктарга ээ 17 субъектинин ичинен бир мамлекеттик органды аныктоо. Бул ГЗга кыйла натыйжалуу жана уюшкандыкта чара көрүүнү, кызмат көрсөтүүдө болжолдуу боштуктарды жана кайталанма аракеттерди кыскартууну шарттайт;
- Үзгүлтүксүз көмөк көрсөтүүнүн бардык баскычтарында кызмат көрсөтүү жана мекемелер аралык координация үчүн так стандарттык операциялык жол-жоболорду (СОЖ) иштеп чыгуу. ГЗдан жабыркагандардын жеке керектөөлөрүн канааттандыруу максатында СОЖдор ар бир катышуучунун так ролун жана милдеттерин аныктап, бул жосундардын ар бир формасына карата кеңири блок-схема жана алгоритмдерди камтый тургандай болушу абзел;
- ГЗга байланышкан сот иштерин кароодо мыкты тажрыйбалар, адам укуктарын коргоо принциптери жана эл аралык стандарттары камтылган стандартташтырылган нускаманы иштеп чыгып, киргизүү. Сот адилеттигин ишке ашырууда ырааттуулук жана адилеттүүлүктү камсыздоо үчүн ушул кеңештердеги ГЗга байланыштуу өзгөчө маселе жана кылдаттыктарды эске алууну Жогорку сотко сунуштоо;
- Акысыз юридикалык жардам берүү кызматына бул багытта кабыл алынган стандарттардын (анын ичинде нотариалдык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү да) негизинде юридикалык көмөк көрсөтүүлөрдүн сапатына байкоо салуу куралын иштеп чыгууну сунуштоо.

## МААЛЫМАТТАРДЫ ТОПТОО

- Сот адилеттигинин негизги субъектилери, анын ичинде «Кылмыш жана жоруктардын бирдиктүү реестри» автоматташтырылган маалымат тутуму, соттор, ИИМдин маалымат базасынын ортосунда маалымат алмашуу системасын айкалыштырып, автоматташтыруу. Бул мекемелик статистикадагы айырмачылыктарды жоет;
- 2021-жылы күчүнө кирген Кылмыш-жаза жана Кылмыш-жаза процессуалдык кодекстеринин күчүнө киргенин эске алуу менен ГЗга байланыштуу сот процедураларын толук түрдө кайра карап чыгууну демилгелөө.

## ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАНДАРДЫ КОЛДОО ИНФРАСТРУКТУРАСЫ

- ГЗдан жабыр тарткандарга көмөк көрсөткөн кризистик борбор, ЖКУ жана тиешелүү кызыкдар тараптар менен биргеликте бул жосундан жабыр тарткандарды коргоонун улуттук минималдык стандарттарын иштеп чыгуу. Булар запкы жегендерге жардамдашуу кызматтарында жабырлануучуларга ылайыкталган ыкманы, анын ичинде «зыян келтирбе» жана кемсинтпөө принциптерин пайдаланып, ошондой эле ГЗдан жапа чеккендердин ар кыл тобунун, анын ичинде майыптыгы бар адамдар жана балдардын жардам берүүнүн ар кандай шарттарындагы керектөөлөрүн жана тажрыйбаларын эске алууга мүмкүндүк берет;
- ГЗдан жабыр тарткандарды тийиштүү кызматтарга натыйжалуу жана өз маалында жиберүүнү камсыздоо үчүн жергиликтүү деңгээлде кайра багыттоо механизмдерин иштеп чыгып, киргизүү;
- ГЗдан жабыр тарткандардын пикирлерин эске алуу үчүн кайтарым байланыш механизмдерин түзүп, бул маалыматты мындай жосундардын алдын алуу иш-аракеттеринин сапатын тынымсыз жакшыртуу үчүн пайдалануу;
- ГЗ боюнча окуу модулдарын Акысыз юридикалык жардам берүү борборунун онлайн окутуу порталына киргизүү.

## РЕСУРСТАР ЖАНА КАРЖЫЛОО

- Туруктуу жана толук кызмат көрсөтүү үчүн мамлекеттик социалдык буюртмалар аркылуу кризистик борборлорду каржылоону көбөйтүү;
- ГЗнын алдын алуу жана коргоо чараларын каржылоо саясатындагы ачыктык жана отчеттуулукту жогорулатуу. Алынган маалыматтардын негизинде мамлекеттик органдар чыгымдар жаатындагы саясатты оптималдаштырып, аларды жүзөгө ашыруунун майнаптуулугун арттырууга тийиш;
- Пробациядагы адамдарга күчөтүлгөн көзөмөлдү каржылоо;
- Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитет жана бейөкмөт уюмдар өңдүү жамааттардын деңгээлиндеги институттарды каржылык колдоонун ар кандай булактары аркылуу камсыз кылуу. Каржылоонун жетишсиздиги гендердик зомбулуктун алдын алуу, андай жосунга чара көрүүгө маанилүү бир бөгөт катары аталып жана көйгөйдү чечүү майнаптуу ишти колдоо, күчөтүү үчүн өтө маанилүү болуп саналат.

## ОКУТУУ ЖАНА КАДРДЫК ДАРАМЕТТИ ӨРЧҮТҮҮ

- ГЗнын алдын алуу жана чара көрүү менен алектенген адистер үчүн окуу программасына СОЖдорду киргизүү боюнча тийиштүү окуу жайлар менен иш алып баруу;
- Документтештирүү, мониторинг жана баалоо жаатындагы кесипкөйлүктү арттыруу максатында кызмат көрсөтүүчүлөр үчүн адистештирилген тренинг жана программаларды өткөрүү.
- Басмырлаган маданий ченемдерди жеңүү, гендердик сезимталдыкты өрчүтүү, ГЗдан жабыр тарткандарга ылайыкталган жана калыс мамиленин маанисине көңүл буруу.

## МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО

- Кызыкдар тараптар, анын ичинде мамлекеттик органдар, жарандык коом уюмдары жана эксперттер менен биргеликте ГЗнын алдын алуу жана андан коргоо боюнча ишмердикке байкоо салуу жана баалоонун комплекстүү тутумун иштеп чыгуу. Бул көрүлгөн чаралардын майнаптуулугун, жабыр тарткандарга көрсөтүлгөн кызмат, анын таасирин чагылдырган так жана өлчөнүүчү көрсөткүчтөрүн аныктоого жол ачат;
- Дайымкы кайтарым байланыш жана маалыматтарды талдоонун негизинде мыйзам реформаларынын жана өзгөртүү киргизүүнүн натыйжалуулугуна байкоо салуу жана аны баалоо механизмдерин киргизүү;
- Кайра багыттоо механизмдеринин майнаптуулугун, ГЗдан жабыр тарткандар үчүн кызматтар жеткиликтүү болуп-болбогонун тастыктоо үчүн кийинки көзөмөл жол-жоболорун күчөтүү. Жергиликтүү деңгээлде аталган механизмдер чөлкөм/район алкагындагы кызмат көрсөтүүлөр жабыр тарткандардын керектөөсүн канааттандырып, күткөнүн актап-актабай турганын билүү үчүн кызмат көрсөтүүчүлөр жана жамааттардын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү байма-май жүргүзүү өтө зарыл.

## 2 Жарандык коом уюмдарга маанилүү сунуштар

***Жарандык коом уюмдары ГЗга каршы күрөштө маанилүү роль ойнойт. Алар калктын маалымдуулугун арттыруу аракеттерин кубаттап, өздөрү дагы буга активдүү кол кабыш кылышат. Бул багыттагы саясатты өзгөртүүнү жактап, коомду мобилизациялап, ГЗдан жабыр тарткандарга колдоо көрсөтөт. Алар өкмөт менен өнөктөштүктө түздөн-түз кызмат көрсөтүүчү катары каатчыл кырдаалга чара көрүп, байкоо жана баалоого өз салымдарын кошушат. Алар ГЗ оор көйгөйлөрүн толук чечүүдө негизги ролду ойношот.***



### МААЛЫМДУУЛУКТУ АРТТЫРУУ

- ГЗ себептери жана кесепеттери жөнүндөгү маалымдуулукту арттыра турган тарбиялык кампанияларды баштоо үчүн улуттук медиа аянтчалары менен кызматташуу.

### САЯСАТТЫ ӨЗГӨРТҮҮ МАКСАТЫНДАГЫ АДВОКАЦИЯ

- ГЗ жаатындагы мыйзамдар кордук көргөндөрдүн бардыгынын укуктарын бирдей коргой турган саясатка артыкчылык берилип, купуялуулук сакталып, укуктук коргоо жана эл аралык стандарттарга төп келген кызматтардын бардыгынан пайдалана алуу мүмкүнчүлүгү түзүлүп, толук жана далил базасына негизделип реформаланышын жактоо;
- Ар кайсы, атап айтканда, саламаттык сактоо, билим берүү, сот жана социалдык кызматтын өнөктөштүгүн өбөлгөлөгөн, басмырлоого каршы аракетти камтыган саясатты иштеп чыгууну колдоо;
- Гендердик зомбулуктан коргоо багытындагы мамлекеттик органдар жана алардын кызматкерлеринин ишмердигинин майнаптуулук көрсөткүчтөрүн киргизүүнү жактоо;
- ГЗ жаатындагы саясатты каржылоодо ачыктык жана отчеттуулукту арттыруу, мамлекеттик каржылоо, ошондой эле чыгымдоо саясатынын жыйынтык жана кесепеттерин изилдөөнү жактоо;
- Кризистик борбор жана ҮЗСКЖК өңдүү жергиликтүү коомдук уюмдарды каржылоо жана колдоону жогорулатууну жактоо.

### ЖАМААТТАРДЫ МОБИЛИЗАЦИЯЛОО

- ГЗга байланыштуу зыяндуу маданий көндүмдөрдү жеңип, өзгөртүүгө багытталган маалыматтык-тарбиялык кампанияларга жамааттардын лидерлерин, абройлуу адамдарды жана педагогдорду тартуу;
- Жарандык коом уюмдарынын ишмердигиндеги ачыктыкты жана долбоорлорду ишке ашырууда отчеттуулукту күчөтүү.

## КОЛДОО БОЮНЧА КЫЗМАТТАР

- Уюмдар улам өзгөргөн чакырыктар жана жабыр тарткандардын керектөөлөрүнө ылайык иш алып бара ала тургандай, аларга жогорку сапаттагы кызматтарды толук түрдө көрсөтүү үчүн даражетти өстүрүү далалатын кубаттоо;
- Кызмат көрсөткөн уюмдарда басмырлаган маданий ченемдерди жеңүү жана өзгөртүүгө багытталган атайын программаларды жана насаатчылыкты туруктуу негизде ишке ашыруу;
- ГЗдан жапа чеккендерге көрсөтүлгөн кызматтардын гендердик сезимталдыгын арттыруу максатында мамлекеттик мекемелерге техникалык жактан жардамдашуу.

## ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫН (ЖМК) ТАРТУУ

- ГЗ жөнүндөгү маалымдуулукту арттырууда ЖМКны колдоо, зыяндуу социалдык ченемдер жөнүндө туура коомдук диалогго өбөлгө болуу, колдоонун жеткиликтүү кызматтары тууурасында маалыматтарды таратуу. Азыркы учурда ГЗдан жапа чеккендер тааныштардан угуп же социалдык медиадагы бейформал, капыстан ачылган каналдарга таянышат;
- ГЗнын алдын алуу максатында маданий, тарбиялык программалар жана иш-чараларда Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги менен кызматташуу.

## КААТЧЫЛ КЫРДААЛДАРГА ЧАРА КӨРҮҮ

- COVID-19 пандемиясынын убагындагы убактылуу баш калкалоо жайларынын ишин документтештирип, тажрыйбасын баалоо;
- Оңдоп-түзөө программаларын уюштурган кризистик борбор жана башка бейөкмөт уюмдардын тажрыйбасын документтештирүү;
- Көрсөтүлө турган кызматтарды жөнүндөгү толук, орчундуу жана жеңил кабылдана тургандай маалыматтарды сунуштоо үчүн технологияларды, анын ичинде мобилдик тиркеме жана веб-сайттарды пайдалануу.

## МОНИТОРИНГ ЖАНА ОТЧЕТТУУЛУК

- Социалдык ченемдерди өзгөртүү боюнча маалыматтык жана билим берүү ишмердигине байкоо салуу жана баалоо тутумун киргизүү;
- ГЗга байланышкан маданий түшүнүк, жүрүм-турумду өзгөртүүгө багытталган иш-чаралардын анык натыйжалуулугун өлчөө үчүн «камтуунун» чегинен тыш көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу.

***Өнүктүрүү боюнча донорлор жана өнөктөштөр коомчулугу көмөк көрсөтүүнүн ар бир баскычына каржылык ресурстарды бөлүү менен ГЗга каршы күрөштө маанилүү ролду аткарышат. Донордук каражаттар иш дараметин өрчүтүү, ГЗдан жабыр тарткандарга кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу, ошондой эле маалымат топтоо жана ГЗга байланыштуу татаалдыктарды тереңирээк түшүнүүнү өбөлгөлөй турган изилдөө демилгелерин колдойт.***

***Донорлор ГЗга каршы күрөшкө жаш муунду тартуунун маанисин түшүнүп, ушул багытка айрыкча көңүл бурушат. Ошондой эле алар кийлигишүүнүн таасирин аныктап, отчеттуулукту жогорулатууну шарттай турган мониторинг жана баалоого каражат бөлөт. Эгер тар багыттагы долбоорлорго эмес, ГЗга каршы күрөш боюнча комплекстүү программаларга көңүл бурулса, мындай колдоонун жыйынтыгы дурус болору ырас.***

***Үзгүлтүксүз көмөктүн ар бир баскычында кыйла макулдашылган ыкманы камсыз кылып, билим берүү, зыяндуу социалдык ченемдер жана экономикалык укук, мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү өңдүү кыйла терең маселелерди чечүүгө артыкчылык берилет.***

## ДАРАМЕТТИ ӨРЧҮТҮҮ

- *Кызыкдар тараптар үчүн:* документтештирүү тажрыйбасын жакшыртуу, анын ичинде тыянактарды талдоонун долбоордук жана программалык ыраатын киргизүү, корутундуларга таасир этүүсүн жана жарыяланышын баалоого өбөлгө болуу;
- *Кызмат көрсөтүүчүлөр үчүн:* ГЗдан жабыр тарткандар менен иштөөгө багытталган тажрыйбаларды окуу модулдарына айкалыштыруу, бул жапа чеккендердин жеке керектөөлөрүнө сезимтал жана натыйжалуу чара көрүү жөндөмдөрүнүн жаралышына себеп болот. ГЗга чара көрүү боюнча кызмат көрсөтүүдө травманы аныктоо жана аны жоюунун маанисин баса белгилөө.
- ГЗга кабылган адамдар менен кайтарым байланыш жана тажрыйбасына чара көрүүнүн натыйжалуу стратегиясын түптөө үчүн баалуу фактор катары басым жасоо. Социалдык-маданий тосколдуктарды жеңүү, зыяндуу социалдык ченемдер менен күрөшүү боюнча кызмат көрсөтүүчүлөр үчүн тренингдерди өткөрүү.
- *Бийлик органдары үчүн:* ГЗдан жабыр тарткандар кабыла турган (анын ичинде өлүмгө кептеген) коркунуч деңгээлин аныктоо үчүн белгилүү шарттарды эске алуу менен тобокелдиктерди баалоо ыкмаларын иштеп чыгып, оңдоп-түзөө программаларына, айрыкча ГЗдан запкы жегендерди/потенциалдык курмандыктарды коргоо тутумуна тезинен киргизүүгө өзгөчө көңүл бөлүү.

## ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУККА КАБЫЛГАНДАРГА КӨРСӨТҮЛӨ ТУРГАН КЫЗМАТТАР

- Кризистик борборлордун кыска мөөнөттүү долбоордук каржылоодон көрсөтүлүүчү кызматтардын жакшырып, уюмдардын өздөрүнүн өнүгүшү үчүн орто мөөнөттүү пландарга өтүшү;
- Ишмердик боюнча маалымат алмашуу, иштин методологиялык тараптарын талкуулоо жана башкалар үчүн тажрыйба ээлери жана башка донордук уюмдардын интерактивдик коомчулу-

гун түзүү;

- Баш калкалоо жайларынын түрлөрүн түзүп, жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги ишмердигинде аларды «интеграциялоону» күчөтүү максатында жамааттардын керектөөсү жана кризистик борбор, баш паанек берген жайлардын уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүн сынчыл көз караште баалоого көмөктөшүү.

## МААЛЫМАТ ТОПТОО ЖАНА ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ

- ГЗга кабылган да, андай жосунга баргандарга да көрсөтүлө турган кызматтардын сапатын, жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча фактылар жана сунуштарга негизделген саясатты түптөө үчүн эң оболу туура маалыматтарды топтоп, иликтөө жүргүзүүгө көңүл буруу;
- Далил базасына негизделген саясатты түптөөнү өбөлгөлөө ниетинде кызмат көрсөтүүчүлөр арасында социалдык-маданий ченемдер гендердик зомбулукка каршы күрөштүн жеткиликтүүлүгү жана сапатына кандай таасир этерин түшүнүү үчүн атайын изилдөөлөрдү жүргүзүү.

## ЖАШТАРДЫ ТАРТУУ

- Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Саламаттык сактоо министрлиги, Билим берүү министрлиги, Ички иштер министрлиги өңдүү негизги мамлекеттик мекемелердин катышуусу менен кемсинтүүчү социалдык нормаларга каршы күрөштө институционалдык ажырымды жоюу үчүн бирдиктүү түзүмдү түптөө. Бул ишмердикти иреттеп, кампаниянын «камтуу» көрсөткүчтөрүнөн коомдо туруктуу түзүлүштөргө өтүүгө мүмкүндүк берет.
- Жаштар арасында (15 – 24 жаш аралыгы) гендердик зомбулуктун алдын алуучу тарбиялык иш-чаралар жана зарыл маалымат берүүдө бирдиктүү ыкманы камсыздоо үчүн бейөкмөт уюмдар жана эл аралык өнөктөштөр менен кызматташуу.

## МОНИТОРИНГ ЖАНА БААЛОО

- Өз деңгээлинде байкоо салуу жана баалоо тутумун иштеп чыгуу боюнча ЖКУлардын демилгелерин колдоп, ошону менен бирге эле кесиптик керектөөлөрдү баалоо менен институционалдык өнүгүүдө техникалык жактан жардам берүү;
- COVID-19 пандемиясынын убагындагы убактылуу баш калкалоо жайларынын ишин, эмне майнаптуу болгонун коомдук талкууга коюу менен чогуу документтештирип, тажрыйбасын баалоо;
- Гендердик зомбулуктан коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты колдоодо көрсөтүлгөн каржылык жана техникалык жардам тууралуу донордук коомчулуктун дайымкы отчеттуулугун демилгелөө.

Изилдөөнүн кыргыз, орус жана англис тилиндеги толук жана кыска версияларын PIL Research Company уюмунун веб-сайтында «Долбоорлор» аттуу бөлүмүнөн жүктөп ала аласыз:

# USAIDДИН «ЖИГЕРДҮҮ ЖАРАНДАР» ДОЛБООРУ ТУУРАЛУУ КОШУМЧА МААЛЫМАТ

USAIDдин «Жигердүү жарандар» долбоору психосоциалдык колдоо, укуктук коргоо, аялдардын баш калкалоо жайларына жайгашуусун камсыз кылууда, ГЗдан жабыр тарткандарга көрсөтүлгөн кызматтарды жакшыртуу, зордук-зомбулуктун алдын алуу чараларын күчөтүү, маалыматтык кампанияларды өткөрүү менен социалдык ченемдерди өзгөртүүдө жарандык коом жана Кыргызстандын өкмөтүнө көмөктөшөт.

2020-жылдан тарта «Жигердүү жарандар» Кыргызстандагы 11 кризистик борбор жана коммерциялык эмес уюмду колдоого алып, зордук-зомбулуктан жабыр тарткандарга толук көмөктөшүп, бул багыттагы мыйзамдарды жана саясатты реформалоо боюнча улуттук деңгээлдеги процесстерге өнөктөштөрү менен байма-бай катышып келет. Ыкчам чара көрүү гранттар программасы (2020-2021) жана «Гендердик зомбулукка кабылган адамдарга комплекстүү көмөктөшүү чаралары» (2022-жылдын ортосунда башталган) демилгесинин алкагында бул уюмдар кордук көргөн 7000ге жакын адамга баш паанек берип, юридикалык же психологиялык жардам кылган.

2022-жылдан баштап USAIDдин «Конкуренттүү ишкана» долбоору менен өнөктөштүктө «Жигердүү жарандар» ГЗдан запкы жегендерге экономикалык, жумушка орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү максатында тогуз кризистик борбор жана жарандык коом уюмуна колдоо көрсөтөт.

«Жигердүү жарандар» долбоору 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук стратегиясын жана аны 2022-2024-жылдар аралыгында жүзөгө ашыруу боюнча карата иш-чаралар планын иштеп чыгууга көмөк көрсөттү. ГЗнын алдын алуу жана ага чара көрүү үчүн кыйла натыйжалуу мыйзамдык базаны түптөө, бул багыттагы саясатка өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында «Жигердүү жарандар» долбоору Кыргыз Республикасынын өкмөтү, парламенти жана жарандык коому менен кызматташат.

Долбоор көмөктөшүүнүн ар бир баскычындагы кызмат көрсөтүүчүлөрдү да колдоп келе жатат.

- запкы жеген **107** жаран өнөктөш уюмдардын (анын ичинде кризистик борборлордун) юристтеринен ажырашуу, мүлк бөлүштүрүү, алимент, коргоо ордерлерин алуу өңдүү акысыз укуктук жардамдарды алды;
- үй-бүлөлүк/гендердик зомбулукка кабылган **7000**ге жакын кишиге кризистик борборлордо көмөк көрсөтүлдү (алардын 803үнө утурумдук баш паанек да берилген);
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо, коргоо боюнча **247** жергиликтүү комитет техникалык колдоону ушул тапта «Жигердүү жарандар» долбоорунан алат.
- үй-бүлөлүк/гендердик зомбулуктун **124** учуру үй-бүлөлүк кордуктан коргоо, сактоо боюнча жергиликтүү комитеттердин күчү менен токтотулган.

**Авторлор:**
Гүлнара Ибраева, Анара Молдошева, Мехригүл Аблезова, Евгения Крапивина, Индира Саутова, Асанкожо Исаев

**Изилдөөнүн координаторлору:** Омуркулова-Озерска Э., Даньшина А.

2022-жылы PIL Research Company тарабынан жүргүзүлгөн бул изилдөө чечим кабыл алган адамдарга, кызмат көрсөткөн уюмдар жана мекемелерге, жарандык коомго гендердик зомбулукка кабылгандарга кантип жардам берилип, адилеттик издөөдө жана реабилитация учурунда кандай тоскоолдуктарга кабылары боюнча ар тараптуу анализди сунуштайт.

Изилдөөнүн өзгөчө баалуулугу тармак аралык кызматташтыкты колдоо, ресурстарды максаттуу бөлүштүрүү, кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу жана мыйзамдагы боштуктарды жоюу үчүн ынанымдуу далил базасын камтыганында. Бул басылма FHI 360 тарабынан ишке ашырылып жаткан USAIDдин «Жигердүү жарандар» долбоору алкагында Америка элинин АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөткөн жардамынын натыйжасында мүмкүн болду.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

RESEARCH

fhi360

Изилдөөнү жүргүзүүгө уруксат FHI 360 Эл аралык изилдөөлөрдү жүргүзүү этикасы боюнча кеңсесинен 2022-жылдын 14-октябрында, Борбор Азиядагы Америка университети Институционалдык көзөмөл боюнча кеңешинен 2022-жылдын 4-ноябрында алынды.